Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Кеңешинин
2026-жылдын 4-июнундагы
№ 01-5/26 токтому менен
бекитилген

# 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде, анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына жана анын карамагындагы мамлекеттик ишканалардын ишине жана 2024-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын "Көмөкчү чарба" филиалынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө ОТЧЕТ

**Аудит жүргүзүү негизи**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга карата аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2025-жылдын 16-сентябрындагы №06-1/571, 2025-жылдын 31-декабрындагы №09-1/959, 2026-жылдын 13-январындагы № 09-1/12, 2026-жылдын 27-февралындагы № 09-1/185, 2026-жылдын 12-майындагы №09-1/406 буйруктары.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги (мындан ары - Министрлик), анын ишканалары, фонду жана мекемелери.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Министрликтин жалпы милдеттенмелерине, мыйзамдуу орган тарабынан берилген ыйгарым укукту жүргүзүү жана мамлекеттик каражаттарды тескөө кирет.

**Аудиттин милдети**

Аудиттин милдетине жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик (аудит предмети, аудиттин тиешелүү критерийлери) боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө корутундуну тастыктаган жетишерлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун, аудит тобунун кесиптик пикирине жараша болот. Аудит, аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейт. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн

негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, укуктук ченемдик документтерде бекитилген максаттарга жана милдеттерге Министрликтин бюджетинин аткарылышына шайкеш келүүсүн изилдөө эсептелет.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 “Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому жана “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө” жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу

секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчёттуулук жүргүзүү боюнча” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 338 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Кыргыз геология кызматы жөнүндө” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобо;

- Мамлекеттик ишканалардын тиешелүү уставдары, жоболору ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келерине негиздүү ишенимдүүлүктү алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудит субъектиси жөнүндө кыскача маалымат**

Министрлик айлана-чөйрөнү коргоо, экология жана климат, геология жана жер казынасын пайдалануу, жаратылыш ресурстарын, анын ичинде биоресурстарды, жер казынасын пайдалануу жана коргоо чөйрөлөрүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну, ишке ашырууну жана координациялоону жүзөгө ашыруучу, экологиялык (анын ичинде химиялык, биологиялык, радиациялык жана ядролук) өнөр жай коопсуздугунун, тоо-кен иштеринин коопсуздугунун, жер казынасын коргоонун талаптарынын сакталышына, көмүрдүн жана отундун сапатына мамлекеттик контролду жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.

Министрликтин түзүмүнө юридикалык жак статусуна ээ 5 ведомстволук бөлүмдөр, 8 региондук башкаруу органдары, 10 жаратылыш коруктары, 12 жаратылыш парктары, 2 мамлекеттик ишканасы, “Ысык-Көл” биосфералык аймагынын дирекциясы, “Жаратылышты өнүктүрүү фонду” коомдук фонду, Тармактар аралык окуу борбору жана “Озон борбору” мекемеси кирет.

*Аудит жүргүзүлгөн мезгилде каржылоону бөлүштүрүүчүлөрү болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:*

- *биринчи кол коюу укугу менен:*

- министр Тургунбаев М.Ж. 2023-жылдын 15-мартынан тартып 2024-жылдын 26-июнуна чейин; - министрдин милдетин аткаруучу Сапаралиев А.А. 2024-жылдын 1-июлунан тартып 2024-жылдын 30-августуна чейин; - министр Машиев М.А. - 2024-жылдын 30-августунан бүгүнкү күнгө чейин; - министрдин

биринчи орун басары Маметов М.Р. 2024-жылдын 22-августуна чейин; - министрдин биринчи орун басары Касейинов К.У. 2024-жылдын 23-августунан тартып 1-сентябрына чейин; - министрдин биринчи орун басары Джусупбеков Б.Дж. 2025-жылдын 4-сентябрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин;

- *экинчи кол коюу укугу менен:* финансы жана экономика башкармалыгынын башчысы Мусаканова Б.О. жана бухгалтердик эсеп секторунун башчысы Токтосунов М.Т. аудит камтыган мезгилде жана бүгүнкү күнгө чейин.

Аудит Министрликтин, анын ведомстволук мекемелеринин, ишканаларынын кызмат адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде, ишканаларында (“Кыргызгеология” МИнин “Көмөкчү чарба” филиалынан жана “Озон борбору” мекемесинен тышкары) бюджеттин аткарылышы төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлери) ылайык келери аныкталган.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

1. Министрликке жөнөтүлгөн **жазма буйруктун** *(2019-2022-жылдарга карата* (10.04.2020-жылдагы №01-23/107): 22 пункттун ичинен 3 пункту (1, 7 жана 15) жарым-жартылай аткарылган жана 5 пункту (2, 4, 5, 6 жана 21) аткарылган эмес. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 81 663,45 миң сомдон, 48 587,35 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 33 076,10 миң сомду түзөт. Ал эми, **сунуштаманын** (05.08.2022-жылдагы №01-23/156)**:** 5 пунктунун ичинен 4 пункту (1, 2, 3 жана 5) жарым-жартылай аткарылган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2 706 872,80 миң сомдон, 886,70 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 2 705 986,10 миң сомду түзөт.

2. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине жөнөтүлгөн (05.08.2022-жылдагы №01-23/157) **жазма буйруктун:** 3 пунктунун ичинен 1 пункту аткарылган жана 2 пункту (1 жана 2) жарым-жартылай аткарылган.

3. Министрликке (01.11.2023-жылдагы №01-20/123) жөнөтүлгөн **жазма буйруктун** *(2019-2022-жылдарга карата “Жаратылышты өнүктүрүү фонду” коомдук фонду боюнча)***:** 14 пунктунун ичинен 3 пункту (6, 7 жана 8) жарым-жартылай аткарылган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 195 459,10 миң сомдон, 80 603,60 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 114 855,50 миң сомду түзөт.

4. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине *2021-2022- жылдарга карата аудити* боюнча жөнөтүлгөн (02.02.2024-жылдагы №01-20/11) **сунуштаманын:** 25

пунктунун 4 пункту (1, 2, 9 жана 10) жарым-жартылай аткарылган жана 1 пункту (15) аткаруу баскычында турат. Ал эми, **жазма буйруктун:** 3 пункту (1, 5 жана 6) жарым-жартылай аткарылган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 8 655,5 миң сомдон, 6 097,35 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 2 558,15 миң сомду түзөт.

5. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине *2023-жылга карата аудити* боюнча жөнөтүлгөн (31.03.2025-жылдагы №01-20/25) **сунуштаманын:** 1 пункту (17) аткаруу баскычында турат. Ал эми, **жазма-буйруктун** (31.03.2025-жылдагы №01-20/26) 3 пункту (2, 22 жана 23) жарым-жартылай аткарылган жана 5 пункту (1, 18, 19, 20 жана 21) аткаруу баскычында турат. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 19 684,80 миң сомдон, 3 583,80 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 16 101,00 миң сомду түзөт.

*Бул, жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы боюнча толук маалымат отчеттун № 2 тиркемесинде (EXCEL форматта) берилген.*

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жазма буйруктарын жана сунуштамаларын толук аткарбагандыгы үчүн Министрликте жана тиешелүү мекемелеринде, ишканаларында жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана жазма буйруктардын, сунуштамалардын аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

2. Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын (отчетко Excel форматында берилген №2 тиркемесине ылайык) толук аткарылышы камсыздалсын.

## 1. Салык эмес кирешелердин эсебин жана төлөмүн жүргүзүү ишин талдоо.

**Аныкталды/корутунду:**

Министрликке айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү эсептөө үчүн баштапкы маалыматтарды бербеген чарба жүргүзүүчү субъекттер боюнча иш чаралар жүргүзүлбөй келет жана төлөмдөрдү төлөөчү чарба жүргүзүүчү субъектилер толук камтылган эмес. 2024-жылдын 31-декабрына карата чарба субъектилерине айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн эсептелген төлөмдөрдү өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-аракеттердин жоктугунан, алардын карызы төмөнкүдөй:

- ***Министрликтин борбордук аппараты*** - 46 699,0 миң сомго;
- ***"Чүй регионалдык башкармалыгы" мекемеси*** - 14 064 миң сомго.

**Сунуштама:** Айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөр менен чарба жүргүзүүчү субъектилерин толук камтуу боюнча тиешелүү жана натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн. Министрликтин борбордук аппараты боюнча - 46 699,0 миң сомго жана "Чүй регионалдык башкармалыгы" мекемеси боюнча - 14 064 миң сомго (2024-жылдын 31-декабрына карата) айлана-чөйрөнү

булгагандыгы үчүн эсептелген төлөмдөрдү өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

***"Жалал-Абад регионалдык башкармалыгы" мекемеси*** айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү эсептөө үчүн баштапкы маалыматтарды бербеген чарба жүргүзүүчү субъекттер боюнча иш жүргүзүлбөй келет. Башкача айтканда, Жалал-Абад региону боюнча айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү төлөөчү чарба жүргүзүүчү субъектилер толук камтылган эмес.

**Сунуштама:** Айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөм менен чарба жүргүзүүчү субъектилерин толук камтуу боюнча тиешелүү жана натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

***"Каракол мамлекеттик жаратылыш паркы" мекемеси*** *боюнча* аудит камтыган мөөнөттө 381,5 миң сом ижара акысы убагында түшпөй калган.

**Сунуштама:** Ижарачылар менен түзүлгөн келишимдердин шарттарынын толук аткарылышы жана ижара акылары (381,5 миң сом суммасы 2024-жылга карата) толук түшүүсү камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду:**

***"Чон-Кемин" мамлекеттик жаратылыш паркынын*** ижарачылар тарабынан 2024-жылга карата төлөнбөй калган карыздардын жалпы суммасы 179,3 миң сомду түзгөн. Аудитттин жыйынтыгы менен 158,3 миң сом суммасы өндүрүлгөн.

**Сунуштама:** ижарачылар менен ижара акысын өндүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылга ***"Кыргызгеология" кызматы*** *боюнча* лицензияларды кармоо жыйымы (ЛКЖ) боюнча эсептелген сумма, анын ичинде издөө, чалгындоо жана иштеп чыгуу (долбоорлоо баскычында), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №449 "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйым ставкаларын жана жыйымды эсептөөнүн, төлөөнүн, чогултуунун жана карызды өндүрүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык эсептелип, 386 928,5 миң сомго төлөнүшү керек болсо, анын ичинен 308 430,5 миң сому төлөнүп, 2024-жылга карата 78 498,0 миң сом суммасында төлөнбөгөн карыз калган.

**Сунуштама:** жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармоо үчүн жыйымдар өз убагында төлөнүүсү (2024-жылга карата 78 498,0 миң сом суммасында) төлөнбөгөн карыз көзөмөлгө алынсын.

2. **<u>Эмгек акы төлөмдөрү боюнча</u>**

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылы Министрликтин төмөнкү мекемелери боюнча техникалык жана кенже тейлөөчү персоналынын кызматкерлерине эмгек акы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы

төлөө шарттары жөнүндө” токтомунда жана жамааттык келишимде техникалык жана кенже тейлөөчү персоналынын кызматкерлерине компенсация төлөө каралган эмес. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 2022-жылдын 29-сентябрындагы № 178-б буйругунун негизинде техникалык жана кенже тейлөөчү персоналынын кызматкерлерине атайын каражаттын эсебинен транспорттук чыгымдар үчүн айына 2000 сомдон жана тамактануу үчүн айына 5000 сом өлчөмүндө компенсация төлөнүп берилген:

- “***Бишкек шаары жана Аламүдүн району боюнча регионалдык башкармалыгы” мекемесинде*** - 566,9 миң сомго компенсация төлөнгөн, анын ичинен: транспорттук чыгымдар үчүн 171,3 миң сом жана тамактануу үчүн 395,6 миң сом;

- ***“Ош регионалдык башкармалыгы мекемеси” боюнча*** - 746,7 миң сомго компенсация төлөнгөн, анын ичинен: транспорттук чыгымдар үчүн 200,0 миң сом жана тамактануу үчүн 546,7 миң сом;

- ***“Ысык-Көл регионалдык башкармалыгы мекемеси” боюнча*** - 526,4 миң сомго компенсация төлөнгөн, анын ичинен: транспорттук чыгымдар үчүн 150,4 миң сом жана тамактануу үчүн 376,0 миң сом;

- “***Ысык-Көл Биосфералык аймагынын дирекциясы” боюнча*** - 597,0 миң сомго компенсация төлөнгөн, анын ичинен: транспорттук чыгымдар үчүн 172,0 миң сом жана тамактануу үчүн 425,0 миң сом.

Аудиттин жыйынтыгы менен “Ысык-Көл регионалдык башкармалыгы мекемеси” жана “Ысык-Көл Биосфералык аймагынын дирекциясы” тарабынан чара көрүлгөнү тууралуу маалымат берилди.

**Сунуштама:** Техникалык жана кенже тейлөөчү персоналынын кызматкерлерине эмгек акы боюнча ченемдик укуктук актылары сакталбастан, компенсация төлөмдөрүнүн жүргүзүлүшү боюнча белгиленген тартипте тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 106-беренесине (*аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү бар болгон*) ылайык, *ченемге салынбаган жумуш күнү-иштин өзгөчө режими, ага ылайык айрым кызматкерлер иш берүүчүнүн тескемеси боюнча зарыл учурларда өздөрүнүн эмгектик иш-милдеттерин жумуш убактысынын ченемдү узактыгынан сырткары аткарууга тартылышы мүмкүн экендиги, ченемге салынбаган жумуш күнү менен иштеген кызматкерлердин кызмат орундарынын тизмеги жамааттык келишим, макулдашуу менен же уюмдун ички эмгек тартиби менен белгиленери көрсөтүлгөн.*

Бирок, төмөнкү мекемелерде ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн 25 % үстөк акы төлөмдөрү, жамааттык келишимде ченемге салынбаган жумуш күнү менен иштеген кызматкерлердин кызмат орундарынын тизмеси түзүлбөстөн жана макулдашуу менен же уюмдун ички эмгек тартиби менен белгиленбестен жүргүзүлгөн:

- ***“Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркы” мекемеси*** *боюнча* - 473,4 миң сом суммасында;

- ***“Кулун-Ата мамлекеттик жаратылыш коругу” мекемеси*** *боюнча* - 946,8 миң сом суммасында;

- ***“Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркы” мекемеси*** *боюнча* - 485,1 миң сомго;

- ***“Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркы” мекемеси*** боюнча - 461,8 миң сомго;

- ***“Алатай” мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча*** - 622,5 миң сомго.

Аудиттин жыйынтыгы менен, “Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркы” мекемеси боюнча укуктук актылардын сакталбагандыгы боюнча тиешелүү кызматкерлерге чаралар көрүлгөнү тууралуу маалымат берилди.

**Сунуштама:** кызматкерлерге ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн үстөк акы төлөө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана тиешелүү укуктук актылардын негизинде жүргүзүлсүн жана бул ченемдик жана укуктук актылардын сакталбаганы боюнча белгиленген тартипте тиешелүү чаралар көрүлсүн (анын ичинде жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо).

**Аныкталды/корутунду:**

***Айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу департаментинде*** кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо жөнүндө укуктук акт иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

2024-жылы кызматкерлерге эмгектин татаалдыгы, сапаты, эмгектин натыйжалары, кесиптик демилге көтөргөндүгү үчүн жалпы суммасы 445,1 миң сомго кошумча төлөм жана Социалдык фондго 76,8 миң сомго чегерүү, кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө баалоо жүргүзүлбөй туруп, эсептелип берилгендиги аныкталды.

**Сунуштама:** кызматкерлерге эмгектин татаалдыгы, сапаты, эмгектин натыйжалары жана кесиптик демилге көтөргөндүгү үчүн кошумча төлөмдү, кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө баалоо тиешелүү укуктук актыларга ылайык жүргүзүлүп, анын натыйжаларына ылайык эсептөө камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду:**

***Саркент мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбастан, 3 кызматкердин иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктүн өлчөмдөрү туура эмес аныкталып, жыйынтыгында жалпы 43,0 миң сомго үстөк акылар ашыкча эсептелинген. Ашыкча эсептелинген үстөк акылардан тийиштүү

кармоолор кармалгандан кийин өздүк карталарга которулуп берилген үстөк акылардын суммасы 34,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** Кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктүн өлчөмдөрүн эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, 43,0 миң сомго үстөк акылардын ашыкча төлөнүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана кызматкердин иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктүн 34,8 миң сомго ашыкча төлөмү, ага жол берген тийиштүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин.

**3. Социалдык фондго төлөмдөр, салык кызматы менен эсептешүүлөр боюнча**

**Аныкталды/корутунду:**

***Аламүдүн регионалдык башкармалыгы боюнча*** аудиттин жүрүшүндө 2024-жылдын 31-декабрына карата социалдык чегерүүлөр боюнча салыштыруу актысынын негизинде 882,5 миң сомго дебитордук карыз аныкталган.

**Сунуштама:** Социалдык чегерүүлөр боюнча дебитордук карыздарды азайтуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

***"Падыша-Ата мамлекеттик жаратылыш коругу" мекемеси*** салык төлөмдөрү жана Социалдык фондго чегерүү боюнча аудит учуруна чейин, салык төлөөчү менен өз ара эсептешүүнү салыштырып текшерүү актысын салык кызматы менен түзгөн эмес. *Аудиттин жыйынтыгы менен чаралар көрүлгөнү тууралуу маалымат берилди.*

**4. Иш сапар чыгымдары боюнча**

**Аныкталды/корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августунда №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна шайкеш келбестен, ***Борбордук аппарат*** боюнча 2024-жылы иш сапар чыгымдары 4,5 миң сомго негизсиз чыгымдалган. *Аудиттин жүрүшүндө бюджетке кайтарылды.*

***"Борбордук лаборатория" мамлекеттик ишканасы*** боюнча 2024-жылы иш сапар чыгымдары 4,5 миң сомго негизсиз чыгымдалган. *Аудиттин жыйынтыгы менен калыбына келтирилди.*

**5. Автотранспорттук каражаттардын чыгымдары боюнча**

**Аныкталды/кортунду:**

***"Алатай" мамлекеттик жаратылыш паркы*** тарабынан Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелеринин

талаптарын бузууга жол берилген. Күйүүчү майды чыгыштоодо аталган эрежеде көрсөтүлгөн ченемдер колдонулган эмес.

Ал, эми жол барагын тариздөөдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун" талаптары так сакталган эмес, жол барагын эсепке алуу жүргүзүлбөйт жана аралыктын көрсөткүчү (спидометрдин) жол баракчада көрсөтүлбөстөн күйүүчү май чыгышталган.

**Сунуштама:** Күйүүчү майды чыгыштоодо Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортторунда күйүүчү-майлоочу материалдардын линиялык керектөө нормаларын колдонуу жана аларды эсептөөнүн методикасы жөнүндө эрежесинде көрсөтүлгөн ченемдердин колдонуусуна жана жол барагын тариздөөдө, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарынын так сакталышына көзөмөл күчөтүлсүн жана буга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## 6. Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар боюнча

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылы Министрликтин төмөнкү мекемелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө нормативден ашыкча запастар аныкталган: - ***Борбордук аппарат*** боюнча - 60,9 миң сомго; - ***Нарын регионалдык башкармалыгы*** боюнча - 26,5 миң сомго; - "***Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркы*** боюнча - 46,6 миң сомго; - ***"Сарычат-Ээрташ мамлекеттик жаратылыш коругу" мекемеси*** боюнча - 90,4 миң сомго.

*Аудиттин жыйынтыгы менен Нарын регионалдык башкармалыгы боюнча - 26,5 миң сомго, "Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча - 46,6 миң сомго ашыкча запастар эсепке алынган.*

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарына ылайык, 2025-жылга товардык-материалдык баалуулуктардын өздөштүрүүсүн эске алуу менен, *Борбордук аппарат* боюнча - 60,9 миң сомго,

*“Сарычат-Ээрташ мамлекеттик жаратылыш коругу” мекемеси* боюнча - 90,4 миң сомго аныкталган ашыкча запастарды эсепке алуу маселеси каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

Балансында турган баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы менен ***“Дашман мамлекеттик жаратылыш коругу” мекемесинде*** - 5,7 миң сомго жана “***Жалал-Абад регионалдык башкармалыгы” мекемеси*** *боюнча* - 7,9 миң сомго жетишпестик аныкталган. *Аудиттин жыйынтыгы менен калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/кортунду:**

2024-жылы ***“Алатай” мамлекеттик жаратылыш паркы*** кызматтык унаа үчүн кышкы дөңгөлөктөр сатып алуу боюнча 52,0 миң сомго келишим түзүлгөн. Жылдык отчетто көрсөтүлгөн материалдык баалуулуктар эсепке алынып, мекеменин балансына коюлган. Бирок, аудит жүргүзүү учурунда кышкы дөңгөлөктөрдү факт жүзүндө сатып алуу ишке ашырылбаганы аныкталды, бөлүнгөн акча каражаттары толугу менен сарпталган. Натыйжада, жылдык отчетто бул дөңгөлөктөрдү сатып алуу жана балански коюу тууралуу көрсөтүлгөн маалыматтар чындыкка дал келбегени аныкталды. Материалдык баалуулуктар сатып алынган эмес, ошол эле учурда бюджеттик каражаттар толугу менен сарпталган.

**Сунуштама:** “Алатай” жаратылыш паркы тарабынан 52,0 миң сомго кышкы дөңгөлөктөрдү сатып алуу тууралуу жылдык отчетто негизсиз чагылдырылганга, факт жүзүндө сатып алуу жүргүзүлбөгөнгө жана акча каражаты сарпталганга жол берген жооптуу кызмат адамдарына карата тийиштүү чара көрүлсүн жана акча каражаттары ордуна коюлсун. Бухгалтердик отчетторду калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иш-чара жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

***Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу департаменти боюнча*** жалпы суммасы 2 243,5 миң сомдук 2 PackEye жабдуусу гамма-нейтрон детектору менен болгон. Ар бир жабдуунун алгачкы баасы 1 121,7 миң сомду, топтолгон амортизациясы 1 009,6 миң сомду түзгөн. Бул жабдуулар 2011-жылдын 9-декабрында Тынч океандын түндүк-батыш улуттук лабораториясынын өкүлдөрүнөн радиациялык нурлануунун дозасын өлчөө үчүн акысыз алынган. Бирок, бул жабдуу бүгүнкү күнгө (аудит учуруна чейин) чейин максатка ылайык колдонулган эмес. Башкы бухгалтердин түшүндүрмөсүнө ылайык, Кыргыз Республикасында атайын дозиметриялык жана радиометриялык жабдууларды калибрлөө үчүн өзүнүн калибрлөө линиясын түзүү мүмкүнчүлүгү жок болгон жана алардын текшерүүсүн өткөрүү мүмкүн эмес болгон.

Ушуга байланыштуу, 2011-жылдын декабрынан 2025-жылдын октябрына чейин, бул жабдууну колдонуу боюнча натыйжалуу чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** 2 PackEye жабдуусун гамма-нейтрон детектору менен радиациялык нурлануунун дозасын өлчөө үчүн тез арада текшерүүдөн өткөрүү жана максатка ылайыктуу колдонуу, ошондой эле алардын башка колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө боюнча чараларды көрүү каралсын.

**7. Кассалык жана банктык операциялар боюнча**

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылы ***“Ысык-Көл Биосфералык аймагынын дирекциясы”*** менен “Ак-Бата” ЖЧКсынын ортосунда Балыкчы шаарына кире бериштеги арканы капиталдык оңдоого 2024-жылдын 12- августунда 5 287,9 миң сомго келишим түзүлгөн, келишимге ылайык аванстык төлөм 10 пайыз жана калган 90 пайызы кабыл алуу - берүү актысына кол коюлгандан кийин которулуп бериши көсөтүлгөн. Бирок, жумуштар аягына чыга электе келишимдин шарттарын бузуу менен 90 пайызы которулган. Бул, мекеменин ишмердүүлүгүндө кабыл алуу-берүү актысына кол коюлганга чейин 90% алдын ала төлөмдөрдү жүргүзүү практикасы, каржылык коопсуздуктун жана тобокелдиктерди натыйжалуу башкаруунун принциптеринин бузулушуна алып келет.

**Сунуштама:** Келишимдердин шарттарын сактоо, алдын ала төлөмдөрдү кабыл алуу - берүү актысына ылайык жүргүзүү боюнча ички көзөмөл күчөтүлсүн.

**8. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча**

**Аныкталды/корутунду:**

***Борбордук аппарат боюнча*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген нускамага ылайык, бюджеттик мекемелердин жылдык отчеттору боюнча материалдардын ченемден ашыкча калдыктарын эсепке алуудан тышкары, дебитордук карызды эсепке алуу жүргүзүлөт. Эсепке алынууга тийиштүү дебитордук карыз суммасы (32171 110, 32171 190, 32174 100, 32174 200 элементтери, 1-январга карата аякталбаган иш сапарлар авансттарын, ошондой эле электр энергиясы жана газга аванс менен төлөнгөндөрдү эсепке албаганда) жана мекеме отчету боюнча (33171 110, 33171 190, 33174 100, 33174 200 элементтери) дебитордук жана кредитордук карыздар ортосундагы айырма катары аныкталат. Министрликтин отчётуна ылайык, 2025-жылдын 1-январына карата 32174100 элементи боюнча 27,8 миң сом дебитордук карыз жана 33174200 элементи боюнча 0,9 миң сом кредитордук карыз болгон.

***“Ысык-Көл мамлекеттик жаратылыш коругу” мекемеси боюнча*** эсепке алынуучу дебитордук карыз 83,9 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык, 2025-2026-жылдарга дебитордук карыздар боюнча отчёттук маалыматтарды эске алуу менен, *Борбордук аппарат* боюнча 27,8 миң сомго жана *Ысык-Көл мамлекеттик жаратылыш коругу” мекемеси боюнча* 83,9 миң сомго аныкталган эсепке алынуучу дебитордук карызды эсепке алуу маселеси каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

***Нарын регионалдык башкармалыгы боюнча*** 2024-жылдын 1-январына карата бухгалтердик балансста төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн эмес:

- эмгек акы боюнча 1,6 миң сомго дебитордук карыз жана 2,5 миң сомго кредитордук карыз;
- 8% Пенсиялык фонд боюнча 10,5 миң сомго дебитордук калдык;
- пайда салыгы боюнча 6,5 миң сомго кредитордук карыз;
- 2% Пенсиялык фонд боюнча 5,2 миң сомго дебитордук карыз;
- профсоюз боюнча 28,9 миң сомго дебитордук карыз.

*Аудиттин жыйынтыгы менен калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду:**

***"Жалал-Абад регионалдык башкармалыгы" мекемесинде*** 2024-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн карызы 421,4 миң сомду түзүп, азыркы күнгө чейин (аудит учуру) өндүрүлбөй келет.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн 421,4 миң сомдук карызын өндүрүү боюнча комплекстүү иш-чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:** ***"Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругу" мекемеси*** менен жергиликтүү салык кызматы ортосундагы салыштыруу актысында көрсөтүлгөн киреше салыгына болгон 5,2 миң сомдук кредитордук карыз мекеменин 2024-жылга жылдык отчетуна кирбей калган. *Аудиттин жыйынтыгы менен калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду:**

***Экологиялык мониторинг департаменти боюнча*** 2025-жылдын 1-январына карата "Софт Сервис" ЖЧКсынын маалыматтык-техникалык тейлөөсү үчүн 30,0 миң сомго дебитордук карызы бухгалтердик балансta көрсөтүлгөн эмес. *Аудиттин жыйынтыгы менен калыбына келтирилди.*

**9. <u>Мамлекеттик сатып алуулар боюнча</u>**

**Аныкталды/корутунду:**

***"Дашман мамлекеттик жаратылыш коругу", "Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругу", "Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругу" мекемелеринде*** 2024-жылга карата мамлекеттик сатып алуулар боюнча план түзүлгөн эмес жана аудитке берилген жок.

**Сунуштама:** мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так сакталсын, мамлекеттик сатып алуулар боюнча пландын түзүлбөгөнү боюнча чара көрүлсүн.

**Аныкталды/кортунду:**

***"Алатай" мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча*** сатып алууларды жүргүзүүдө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бир нече талаптары системалуу түрдө одоно бузулган. Негизсиз сатып алууларды жокко чыгарып, кайра башынан өткөргөн учурлар катталган, келишимдин аткарылышын кепилдик камсыздоого келишимдин суммасынан 2% төлөө ар бир жарыяланган сатып алууларга коюлуп келген, бирок камсыздоого каражаттын түшкөндүгү контролго алынбай туруп, келишимдер түзүлгөн. Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык сатып

алуучу жыл ичинде чыгымдардын ар бир беренеси боюнча 200,0 миң сомго чейин сатып алууда бир булактан сатып алуу ыкмасын колдонсо болот. Сатып алууда 3112- “Машиналар жана жабдуулар чыгымдары” беренесинен 225,0 миң сомго коммерциялык сунушу жок, белгиленген ченемден ашкан жана мониторинг жүргүзүлбөстөн кеңсе жабдуулар сатып алынган. Бул мыйзам бузуулар, каражаттарды натыйжасыз пайдалануу тобокелдигин жаратат жана ички контролду күчөтүүнү талап кылат.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын так аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн, сатып алууда бузууларга жана алар контролго алынбаганына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

***Экологиялык мониторинг департаменти боюнча*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктун бузуу менен, сатып алуулар боюнча келишимди администрлөө үчүн жооптуу кызмат адамдары дайындалган эмес.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, сатып алуулар боюнча келишимди администрлөө үчүн, тиешелүү буйрук менен жооптуу кызмат адамдарын дайындоо каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

***“Талас регионалдык башкармалыгы” мекемеси боюнча*** “Башкармалыктын имаратында кезектеги оңдоо иштерин жүргүзүү” боюнча конкурсту жарыялоодо, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пункту сакталбастан, “Накта курулуш компания” ЖЧКсы конкурстун квалификациялык талаптарына шайкеш келбегендигине, тактап айтканда, тиешелүү лицензиясы жоктугуна карабастан, конкурстун жеңүүчүсү деп таанылып, 476,3 миң сомго контракт түзүлгөн.

“Компьютер жана принтер сатып алуу” боюнча конкурсту жарыялоодо, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин 2-бөлүгүн жана 22-беренесинин 2 - бөлүгүн бузуу менен, минималдык талаптар, берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу жөнүндө талап коюлган эмес. Ошону менен бирге, аталган конкурстун катышуучусу квалификациялык талаптарга шайкеш келбегендигине, тактап айтканда, талапка ылайык тажрыйбасы жөнүндө толук документтер көрсөтүлбөгөндүгүнө карабастан, конкурстун жеңүүчүсү деп таанылган жана жыйынтыгында 143,9 миң сомго контракт түзүлгөн.

***“Беш-Таш мамлекеттик жаратылыш паркы” мекемеси боюнча*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, сатып алуулар жол-жоболорун өткөрбөстөн туруп, транспорт кызматтарына 35,0 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы так сакталсын жана сатып алууларды жүргүзүүдө

мыйзамдын талаптарынын сакталбаганына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**10. Капиталдык жана учурдагы оңдоп-түзөө иштери боюнча**

**Аныкталды/корутунду:**

***Ысык-Көл аймактык биосфера дирекциясына*** (мындан ары – Дирекция) тиешелүү болгон Балыкчы шаарындагы "Ак-Кеме" экологиялык постун капиталдык оңдоо (мындан ары – Объект) иштери каралды. Аталган объект боюнча жүргүзүлө турган иштер жана талап кылынуучу шарттар мамлекеттик сатып алуулар веб-порталына жарыяланып, жыйынтыгында "Ак-Бата келечеги" ЖЧКсы жеңүүчү болуп тандалып алынган.

Өткөрүлгөн сатып алуулардын жыйынтыгынын негизинде, Дирекция менен "Ак-Бата келечеги" ЖЧКсынын ортосунда 2024-жылдын 12-августундагы №4 келишими түзүлүп, анын суммасы 5 287,8 миң сомду түзгөн. Келишим алкагында 2024-жылы жалпы 5 287,9 миң сомго жумуштар аткарылып, тиешелүү актыга кол коюлган.

Келишимдин негизинде аткарылган подряддык иштер тиешелүү актыда көрсөтүлүп, актыга Дирекциянын жетекчилиги, техникалык көзөмөл кызматкери жана подряддык ишкананын жетекчилиги тарабынан кол коюлган.

Аудиттин жүрүшүндө объектте аткарылган иштердин так көлөмүн аныктоо мүмкүн болгон жок, анткени, объект капиталдык оңдоодон өткөндөн кийин 2025-жылдын апрель айында толугу менен демонтаждалган. Демонтаждын себептери боюнча Балыкчы шаарынын мэриясынын, Ысык-Көл аймактык биосфера дирекциясынын жана Балыкчы шаарынын ШИИБнин Жол коопсуздугун көзөмөлдөө инспекциясынын өкүлдөрүнүн катышуусунда комиссиялык акт түзүлгөн.

**Аныкталды/корутунду:**

***"Талас регионалдык башкармалыгы" мекемеси боюнча*** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузуу менен, 2024-жылы 2221 "Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренеси аркылуу 476,3 миң сомго капиталдык оңдоп-түзөө жумуштары аткарылган.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 6-главасынын 1-параграфын бузуу менен, 476,3 миң сомго капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн негизги каражаттардын баасы көбөйтүлгөн эмес. *Аудит учурунда бухгалтердик оңдоп-түзөө жүгүртүүлөрү аткарылып, 476,3 миң сомго капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн негизги каражаттардын баланстык наркы көбөйтүлдү.*

**11. Бухгалтердик эсепке жана отчёттуулукка талдоо боюнча**

**Аныкталды/корутунду:**

***"Борбордук лаборатория" мамлекеттик ишканасы боюнча*** "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык

субъекттер, эсеп саясатын кабыл алууну жана аны ырааттуу аткарууну, ички контролдоо тутумдарынын болушун жана анын иштешин камсыз кылууну жүзөгө ашырууга милдеттүү. Бирок, мамлекеттик ишканада эсеп саясаты иштелип чыгып, кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:** “Борбордук лаборатория” мамлекеттик ишканасынын эсеп саясаты иштелип чыгышы жана кабыл алынышы камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду:**

***Нарын регионалдык башкармалыгы боюнча*** эмгек акы чегерүүдө бюджеттик эсептеги эмгек акы беренеси менен атайын эсептеги эмгек акы беренеси чогуу эсептелген, башкача айтканда, эмгек акыларды эсептөөлөр, эсептешүүлөр жана эмгек акылардан кармап калуулар чогуу жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына шайкеш келбестен, 2121-беренесинен которулуучу (эмгек акыдан 15,25 %) 215,4 миң сом суммасы (бюджеттен-30,0 жана атайын каражаттан 185,4) 2111- беренесинен которулган. *Аудиттин жыйынтыгы менен чаралар көрүлгөнү тууралуу маалымат берилди.*

**Аныкталды/корутунду:**

***Экологиялык мониторинг департаменти боюнча*** аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдарында бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун 167 жана 168-пункттарынын талаптарын бузуу менен, туруктуу иштеп туруучу комиссия түзүлбөстөн жана бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнүн уруксаты алынбастан, жабдуулардын жараксыздыгы тууралуу эксперттик корутундунун негизинде гана баланстан, баштапкы наркы 4 093,3 миң сомду түзгөн жабдуулар (СТА вольтамперметрдик анализатору – 209,0 миң сом, газ хроматографы – 3 803,3 миң сом) эсептен чыгарылган. Көрсөтүлгөн жабдуулар боюнча топтолгон амортизациянын жалпы суммасы 4 093,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

1. Баштапкы наркы 4 093,3 миң сомду түзгөн жабдууларды эсептен чыгаруудагы бузуулар боюнча белгиленген тартипте тиешелүү чара көрүлсүн жана ага жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасы боюнча

*“Кыргызгеология” МИнин жетекчилери төмөнкүлөр:*

*Директор:* Муратов Э.Н. - 2025-жылдын 25-мартына чейин, Токтобаев А.Т. – 2025-жылдын 25-мартынан тартып 2026-жылдын 16-февралына чейин, директордун м.у.а. Матисаков М.О. - 2026-жылдын 16-февралынан тартып 10-мартына чейин, Молдокеев Ч.Ж. – 2026-жылдын 10-мартынан тартып азыркы учурга чейин.

*Башкы бухгалтер:* Шарапова Н.А. – 2025-жылдын 13-мартына чейин (башкы бухгалтердин м.а.), Абдурасулов А.К. – 2025-жылдын 22-апрелине

чейин, Шабданова К. – 2025-жылдын 3-июнуна чейин (башкы бухгалтердин м.а.), Алымбаева А.К. – 2025-жылдын 3-июнунан тартып азыркы учурга чейин.

*“Кыргызгеология” МИнин <u>“Көмөкчү чарба” филиалы</u> боюнча:*

- 2022-жылдын 22-декабрынан тартып 2024-жылдын 23-январына чейин “Көмөкчү чарба” филиалынын начальниги болуп Джаниев К.И. дайындалган.
- 2024-жылдын 23-январынан тартып азыркы учурга чейин “Көмөкчү чарба” филиалынын начальниги Дуйшеналиев К.Т.
- 2023-жылдын 1-мартынан тартып азыркы учурга чейин “Көмөкчү чарба” филиалынын башкы бухгалтери Байышова С.Б.

**Аныкталды/корутунду:**

2022-жылдын 25-мартындагы “Кыргызгеология” МИнин директору тарабынан бекитилген ***“Алай геофизикалык партиясы филиалы”*** жобонун 7.1-пунктуна ылайык, Филиал өзүнүн ишмердүүлүгүн “Кыргызгеология” МИ тарабынан бекитилген келечектеги, жылдык жана учурдагы иш пландардын негизинде жүзөгө ашырат. Бирок, 2024-жылга Филиалда мындай иш пландары иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Сунуштама:** “Алай геофизикалык партиясы филиалы жөнүндө” жобого ылайык, “Алай геофизикалык партиясы” филиалы үчүн келечектеги, жылдык жана учурдагы иш пландары иштелип чыгып, бекитилүүсү каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө “Кыргызгеология” МИ боюнча кошумча эсептелген кен үчүн бонус, жалпы 3 425,5 миң сом суммасын түздү, анын ичинде:

- Джетим 7447 МР кени үчүн – 1 109,9 миң сом;
- №4 Сарыташ 7517 кени үчүн – 1 622,5 миң сом;
- Түштүк-Чыгыш Сарыташ 7468 – ТЕ кени үчүн – 693,1 миң сом.

2024-жылы лицензияларды кармоо боюнча чогултуулар (СУЛ) 47 475,9 миң сом суммасында төлөнүшү керек болсо, анын 19 760,6 миң сому төлөнгөн, карыз - 27 715,3 миң сомду түзгөн, анын ичинде: издөө жана чалгындоо үчүн – 27 711,8 миң сом, өнүктүрүү үчүн – 3,5 миң сом. Кен үчүн бонус боюнча карыз - 6 974,5 миң сом.

**Сунуштама:**

1. 3 425,5 миң сомго аудиттин жүрүшүндө кошумча эсептелген кен үчүн бонус республикалык бюджетке которулсун.
2. Кен үчүн бонус боюнча (2024-жылга карата 6 974,5 миң сом) жана лицензияларды кармоо боюнча (2024-жылга 27 715,3 миң сом) карыздар өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылга карата “Кыргызгеология” МИси Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, Бишкек шаарынын Биринчи май району боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгы тарабынан кабыл алынган салык декларациясында 2024-жыл үчүн 26 802,5 миң сом өлчөмүндө зыян көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, ишкана тарабынан кызматкерлерге жалпы суммасы 8 633,6 миң сом өлчөмүндө сый акы жана материалдык жардам

эсептелген, ошондой эле Социалдык фондго 1 489,3 миң сом өлчөмүндө төгүмдөр жүргүзүлгөн.

Ал эми, "Кыргызгеология" МИнин маалыматына ылайык, Бирдиктүү салык декларациясы боюнча түзүлгөн зыян негизги каражаттардын амортизациялык чегерүүлөрүнө байланыштуу болгон, анын ичинде республикалык бюджеттен бөлүнгөн 1 млрд сомдун эсебинен 2024-жылы сатылып алынган негизги каражаттар боюнча амортизациялык чегерүүлөр таасир эткен.

**Сунуштама:** кызматкерлерге сый акыларды жана материалдык жардамдарды финансылык мүмкүнчүлүктөр пайда болгон учурда гана төлөөнү жүргүзүүнү каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылга карата ***"Алай геофизикалык партиясы" филиалынын*** штаттык ырааттамасы "Кыргызгеология" МИнин 2024-жылдын 10-январындагы №01-6/6-1 буйругу менен бекитилген. Бирок, 2024-жылы талаа иштерин аткарган кызматкерлер менен эмгек келишимдерин түзүүдө, "Алай геофизикалык партиясы" филиалынын жетекчиси тарабынан штаттык ырааттамада бекитилгенден жогору эмгек акы өлчөмдөрү белгиленген. Мында, 2024-жылы эмгек келишимдери боюнча төлөнгөн эмгек акы менен штаттык ырааттамада каралган эмгек акынын ортосундагы айырма 1 026,0 миң сомду (Социалдык фондго төгүмдөр - 177,0 миң сом) түзгөн.

**Сунуштама:** Талаа иштерин аткарган кызматкерлер менен эмгек келишимдерин түзүүдө, эмгек акылар "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасы тарабынан бекитилген штаттык ырааттамага ылайык белгиленсин жана эмгек келишимдерин түзүүдө штаттык ырааттамадан жогору эмгек акылар белгиленип 1 026,0 миң сомго, ал эми Социалдык фондго болгон төгүмдөр 177,0 миң сомго айырманын түзүлгөнүнө жол берген "Алай геофизикалык партиясы" филиалынын жетекчилигинин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

"Кыргызгеология" МИнин 2024-жылдын 18-мартындагы №01-6/47 буйругу менен, айдын жыйынтыгы боюнча жумушчулардын ишмердүүлүгүн баалоо үчүн, ***Тоо-кен чалгындоо техникасынын тажрыйба-эксперименталдык заводунун*** кызматкерлерине эмгекке катышуу коэффициенти (ЭКК) белгиленген. Бирок, Эмгекке катышуу коэффициентин (ЭКК) колдонуу тартиби жөнүндө жобо иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Сунуштама:** Тоо-кен чалгындоо техникасынын тажрыйба-эксперименталдык заводунда Эмгекке катышуу коэффициентин (ЭКК) колдонуу жөнүндө тиешелүү жобо иштелип чыгып, бекитилсин.

**Аныкталды/корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна ылайык, компенсация төлөмдөрү 100 км.ге белгиленген ченемдер боюнча жүргүзүлүп,

кызматтык сапарлар үчүн жеке автотранспортту пайдаланган адамдарга компенсация жол баракчаларга ылайык иш жүзүндөгү жүрүш боюнча төлөнүшү керек болчу. Бирок, жол баракчалар толтурулбай, компенсация төлөмдөрү “Кыргызгеология” МИнин директорунун буйругу менен бекитилген күйүүчү-майлоочу материалдар (КММ) үчүн күйүүчү карталарга бөлүнгөн белгиленген акча суммалары боюнча жүргүзүлгөн. Тактап айтканда, “Кыргызгеология” МИсинин директору Муратов Э.Н. тарабынан чыгарылган 2024-жылдын 18-январындагы №01-6/12 буйругу менен башкы бухгалтердин орун басарына жана 2024-жылдын 27-сентябрындагы №06-1/151 буйругу менен директордун орун басарына кызматтык сапарлар үчүн жеке автотранспортту пайдалангандыгы үчүн ай сайын тиешелүүлүгүнө жараша 5,0 миң сом жана 7,5 миң сом өлчөмүндө КММ үчүн карталарга каражат бөлүнгөн.

**Сунуштама:** кызматтык сапарлар үчүн жеке жеңил автоунааларды пайдалангандыгы үчүн компенсацияларды белгиленген ченемдерге ылайык, жол баракчалар боюнча иш жүзүндөгү жүрүүгө жараша төлөм жүргүзүү көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды/корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө “Кыргызгеология” МИнин балансында турган объекттер боюнча керектүү техникалык жана башка документтердин жоктугу аныкталды, тактап айтканда:

- Кыргыз геофизикалык экспедициясынын имараттары, дареги: Шопоков шаары, Геофизическая көчөсү, 2;
- Түштүк геологиялык экспедиция башкармалыгынын (ТГЭ) имараттары, дареги: Ош шаары, Суюнбаев көчөсү, 43.

**Сунуштама:** “Кыргызгеология” МИнин балансында турган объекттер (Кыргыз геофизикалык экспедициясынын имараттары, дареги: Шопоков шаары, Геофизическая көчөсү 2, Түштүк геологиялык экспедиция башкармалыгы (ТГЭ) имараттары, дареги: Ош шаары, Суюнбаева көчөсү 43.) боюнча жок болгон техникалык жана башка документтерди калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылы өндүрүштү натыйжасыз уюштуруунун жана бюджетке төлөмдөрдү өз убагында которууну контролдоонун жетишсиздигинин натыйжасында, “Кыргызгеология” МИ бюджетке айып пулдар жана туумдар боюнча жалпы 896,7 миң сом суммасында жоготууларга учураганы аныкталган, анын ичинде: - жардыруучу заттарды сактоо эрежелерин бузгандыгы үчүн - 25,0 миң сом; - аймактын антисанитардык абалы үчүн - 13,0 миң сом; - өрт коопсуздугунун талаптарын бузгандыгы үчүн - 23,0 миң сом; - чарбалык келишимдер боюнча иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн - 1,2 миң сом; - социалдык фондго төгүмдөрдү өз убагында жана толук эмес которгондугу үчүн - 830,6 миң сом; - административдик айып пул - 3,9 миң сом.

**Сунуштама:** өндүрүштү натыйжалуу уюштурууну жана жардыруучу заттарды сактоо эрежелеринин, өрт коопсуздугунун талаптарынын, чарбалык

келишимдер боюнча милдеттенмелердин аткарылышын, ошондой эле бюджетке төлөмдөрдү өз убагында которууну так жана катуу көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылы “Кыргызгеология” МИнин активдери жана Ысык-Ата районунун Сот аткаруучулар кызматынын бөлүмү менен жетишсиз иш алып баруудан улам, ишкананын каражаттары 508,2 миң сом суммасында натыйжасыз пайдаланылганы аныкталган. Тактап айтканда, Ысык-Ата райондук сотунун 2023-жылдын 14-июнундагы №ПД-06/2248 аныктамасы менен, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын “Кыргызгеология” МИге карата керектелген электр энергиясы үчүн 771,2 миң сом өлчөмүндөгү карызды өндүрүү боюнча доосу чыккан. Доону камсыз кылуунун алкагында “Кыргызгеология” МИнин бардык эсептери камоого алынган. 2023-жылы карыз толугу менен төлөнгөн.

Бирок, контролдун жетишсиздигинен жана Сот аткаруучулар кызматы менен жетиштүү деңгээлде иш жүргүзүлбөгөндүктөн, ишкананын башка эсептери камоого алынганына карабастан, ФЗАО “Демир Кыргыз Интернешнл Банк” (ДКИБ) мекемесиндеги эсепке коюлган камак алынбай калган.

Натыйжада, 2024-жылдын ичинде “Кыргызгеология” МИсинин аталган банктын эсебиндеги 508,2 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттары тоңдурулуп, ишкананын чарбалык жүгүртүүсүнөн чыгып калган. Бул, каражат түрүндөгү активдерди натыйжасыз пайдалануу болуп эсептелет.

**Сунуштама:** “Кыргызгеология” МИнин активдерин натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча контролдоо жана иш алып баруу күчөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылдын 16-сентябрындагы №349 келишимге ылайык, “Бургу жабдууларын чыгаруучу заводу” ААКсы менен жалпы суммасы 30 001,6 миң рубль суммасындагы бургу түтүктөрүн жеткирүү боюнча келишим түзүлгөн. Биринчи төлөм 20.12.2024-жылдагы №49 төлөм тапшырмасы менен 10 662,2 миң сом (12 001,6 миң рубль) суммасында жүргүзүлгөн, ал келишимге кол коюлгандан кийин 5 күндүн ичинде төлөнүшү керек болчу. Келишимге тиркелген №1 тиркемеге ылайык, жүктү жөнөтүү мөөнөтү келишимге кол коюлган күндөн тартып 50 күндүн ичинде, бирок биринчи төлөм түшкөндөн кийин гана жүргүзүлүшү керек. Төлөм мөөнөтү кечиктирилген учурда, жүктү жөнөтүү мөөнөтү кечиккен күндөрдүн санына узартылат. Түтүктөр 2024-жылдын 16-октябрында жеткирилген. Төлөмдүн кечиктирилген күндөрүн эске алуу менен, жеткирүү мөөнөтү 16 күнгө бузулган. Ошого байланыштуу, келишимдин 5.2-пунктуна ылайык, ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,1% өлчөмүндө туум эсептелиши керек болчу, анын суммасы 170,6 миң сомду түзөт (10 662 212 × 0,1% × 16).

**Сунуштама:** 2024-жылдын 16-сентябрындагы №349 келишими боюнча түтүктөрдү жеткирүү мөөнөттөрүнүн бузулушуна байланыштуу (“Бургу жабдууларын чыгаруучу заводу” ААКсынан) туумдун эсептелинбей жана өндүрүлбөй калганы боюнча маселеси каралсын.

**Аныкталды/корутунду:**

2024-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 15 203,6 миң сомду, ал эми 2024-жылдын 31-декабрына карата 20 891,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** дебитордук карыздарды (2024-жылдын 31-декабрына карата 20 891,6 миң сомду түзгөн) өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду:**

Аудит, 2025-жылы "Кыргызгеология" МИде 03.06.2025-жылы бөлүм башчысы – башкы бухгалтер кызмат ордуна (А.К. Алымбаева) дайындалган учурда, буйрук менен кызматтан бошотууда жана башкы бухгалтер кызмат ордуна дайындоодо иштерди кабыл алуу-өткөрүү үчүн комиссия түзүлбөгөнүн, активдерге, милдеттенмелерге жана акча каражаттарына инвентаризация жүргүзүлбөгөнүн, ошондой эле иштерди кабыл алуу-өткөрүү актысы бекитилбегенин белгилейт.

Буга байланыштуу, финансылык отчеттуулуктун тууралыгы жана документтердин толуктугу боюнча белгилүү бир тобокелдиктер бар.

**Сунуштама:** башкы бухгалтерлерди кызматтан бошотууда жана кызмат ордуна дайындоодо, буйрук менен иштерди кабыл алуу-өткөрүү үчүн комиссия түзүлүп, активдерге, милдеттенмелерге жана акча каражаттарына инвентаризация жүргүзүлүп, иштерди кабыл алуу камсыздалсын.

## "Кыргызгеология" МИнин "Көмөкчү чарба" филиалы боюнча (01.01.2024-жылдан 31.12.2025-жылга чейин)

### 1. Филиалдын түзүлүшү, укуктук макамы жана ишмердүүлүгүнүн максаты боюнча

"Кыргызгеология" МИнин директорунун 2022-жылдын 22-декабрындагы №01-1-3 чечими менен "Көмөкчү чарба" филиалы түзүлгөн жана анын жобосу бекитилген. Ошондой эле 2023-жылдын 16-январында аталган филиал Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөн.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 90-беренесине ылайык, юридикалык жак жайгашкан жерден башка жерде жайгашкан жана анын функцияларын толугу менен, же жарым-жартылай, анын ичинде өкүлчүлүк милдеттерин аткаруучу өз алдынча бөлүк филиал болуп эсептелет. Ошол эле учурда, "Көмөкчү чарба" филиалы жөнүндө Жобонун 2.1-пунктуна ылайык, филиал жер казынасын пайдалануучулардын айыл чарба продукцияларын өндүрүүдөгү, ат араба менен жүк ташууга байланышкан жумуштарды жана кызматтарды көрсөтүүдөгү муктаждыктарын жана талаптарын канааттандыруу, ошондой эле "Кыргызгеология" МИни өз продукциясы менен камсыз кылуу максатында түзүлгөн.

Бирок, "Көмөкчү чарба" филиалы "Кыргызгеология" МИнин Уставында көрсөтүлгөн мамлекеттик ишкананын функцияларын толугу менен, же жарым-жартылай да аткарбайт. Башкача айтканда, филиал негизги ишкананын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруучу түзүм катары эмес, өз алдынча башка багыттагы иш жүргүзүүчү түзүм катары калыптанган.

Мындан тышкары, “Кыргызгеология” МИнин колдонуудагы Уставында филиалдарды түзүү укугу каралган эмес. Ушуга байланыштуу, “Кыргызгеология” МИ тарабынан “Көмөкчү чарба” филиалын түзүү Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 90-беренесинин талаптарына жана “Кыргызгеология” МИнин Уставына толук шайкеш келбейт.

“Көмөкчү чарба” филиалы жөнүндө Жобонун 4.3-пунктуна ылайык, филиал “Кыргызгеология” МИге аткарылган иштер жөнүндө отчетту өз убагында берүүгө милдеттүү. Бирок, иш жүзүндө “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан “Кыргызгеология” МИге аткарылган иштер жөнүндө кварталдык жана жылдык отчеттор берилбей келет. Демек, филиал өзүнүн Жобосунда көрсөтүлгөн негизги милдеттердин бирин дагы аткарган эмес, ошондой эле “Кыргызгеология” МИнин жетекчилиги тарабынан тиешелүү көзөмөл камсыздалган эмес.

Ошондой эле, “Кыргызгеология” МИ тарабынан 2023-жылы “Көмөкчү чарба” филиалына берилген 1 млн сом өлчөмүндөгү зайым ушул күнгө чейин кайтарыла элек. Филиал учурда 104,0 га жер участогун пайдаланып, ижара акысын төлөп келет. Ошол эле учурда издөө-съемка иштери көптөн бери жүргүзүлбөгөндүктөн, жүк ташуучу араба транспортуна керектөө жок болуп калган. Жылкы базаны кармоо кымбатка турат, ал эми геологдордун ишинде жылкыларды пайдалануу муктаждыгы экономикалык жактан пайдасыз болуп калган, анткени жергиликтүү тургундардан жана чабандардан зарыл учурда жылкыны ижарага алуу аларды багуудан, ташуудан жана башка туруктуу чыгымдардан алда канча арзан болуп саналат. Жаныбарларды багуу сарайдын канааттандырарлык эмес абалы, аймакты капиталдык оңдоо жана көрктөндүрүү зарылдыгы, тоют базасынын жоктугу, ошондой эле ветеринардык тейлөө боюнча кошумча чыгымдар менен коштолгон. Мындан тышкары, жер участогун пайдаланууну өткөрүп берүү жол-жоболорунун аяктабай келиши дагы кошумча тобокелдик жаратат. Мындай шарттарда биоактивдерди кармоо, аларды багууга башка жактарга берүү жана туруктуу чыгымдарды көтөрүү филиалдын ишмердүүлүгүнүн финансылык жана чарбалык тобокелдиктерин күчөткөн.

**2. Бухгалтердик эсеби жана финансылык отчеттуулугу боюнча**

Аудитке 2024-жылга карата “Көмөкчү чарба” филиалынын финансылык отчетун камтыган “Кыргызгеология” МИнин консолидацияланган бухгалтердик балансы жана башка финансылык отчеттору берилген. Бул отчетторго мамлекеттик ишкананын мурдагы директору Муратов Э.Н. жана башкы бухгалтери Шарапова Н.А. кол коюшкан. Ал эми, 2025-жылга карата “Көмөкчү чарба” филиалынын финансылык отчетун камтыган “Кыргызгеология” МИнин консолидацияланган финансылык отчеттору “Кыргызгеология” МИнин мурдагы директору Токтобаев А.Т. жана башкы бухгалтери Алымбаева А.К. кол коюшкан. “Көмөкчү чарба” филиалынын финансылык отчетуна Филиалдын начальниги Дуйшеналиев К.Т. кол койгон. Ал эми, Филиалдын башкы бухгалтери Байышова С.Б. финансылык отчетторго кол койгон эмес, аудит жүргүзүү учуруна катышкан жок. Анткени, ал аралыкта иштөө форматында иш жүргүзөт деп билдирилди.

2024-2025-жылдарга карата “Көмөкчү чарба” филиалынын бухгалтердик эсеби (анын ичинде чарба операциялары) жана финансылык отчету каталар, дал келбестиктер жана бурмалоо менен түзүлгөн, ошондой эле бухгалтердик эсепти жүргүзүү белгиленген талаптарга ылайык эмес жүргүзүлгөн. Мындай жагдайга байланыштуу, “Көмөкчү чарба” филиалынын финансылык отчетун камтыган “Кыргызгеология” МИнин консолидацияланган финансылык отчету дагы каталар, дал келбестиктер менен түзүлгөн болот.

Мисалы,

✓ 2024-жылга карата:

- бухгалтердик баланс боюнча “Алынган аванстар” эсебинде 948,0 миң сом суммасынын ордуна 828,0 миң сом көрсөтүлүп, 120,0 миң сомго аз көрсөтүлгөн; бул аванстык каражаттар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары - Маммүлк) тарабынан берилген автотранспорт каражаттарын сатуудан түшкөн киреше болуп саналат;
- активдерди баалоо кызматына төлөнгөн 36,5 миң сом суммасы чыгымга эсепке алынган эмес;
- пайда жана зыян жөнүндө отчет боюнча жалпы административдик чыгашалар 1 192,4 миң сом ордуна 1 190,4 миң сом көрсөтүлгөн (айырма 2,0 миң сомго), ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн чыгымдар чагылдырылган эмес;
- отчеттук мезгилдин таза пайдасы жана капиталдагы өзгөрүүлөр боюнча 1 393,5 миң сом ордуна 1 395,3 миң сом (айырма 1,8 миң сомго), 1 037,0 миң сом ордуна 1 038,8 миң сом (айырма 1,8 миң сомго) көрсөтүлгөн;
- акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетто 2 693,9 миң сом ордуна 2 213,9 миң сом көрсөтүлүп, 480,0 миң сомго кем көрсөтүлгөн.

2024-жыл боюнча филиалдын негизги каражаттарына инвентаризация жүргүзүү үчүн тиешелүү комиссия түзүлбөстөн, инвентаризация филиалдын начальниги тарабынан гана жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, филиалда материалдык жоопту адам дайындалган эмес. Мындай жагдай активдердин сакталышына жана туура эсепке алынышына тиешелүү ички көзөмөлдүн жоктугун көрсөтөт.

Маммүлктүн 2024-жылдын 26-августундагы №938-б буйругуна жана 2024-жылдын 28-августундагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык, 2019-жылы чыгарылган Renault Duster маркасындагы автотранспорт “Көмөкчү чарба” филиалына ыкчам башкарууга өткөрүлүп берилген. Аталган автотранспорт бухгалтердик баланс боюнча 873,6 миң сом суммасында эсепке алынган жана финансылык отчетто “бекер алынган активдерден киреше” катары көрсөтүлгөн. Бирок, филиалдын начальниги жүргүзгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча бул автотранспорт жок болуп чыккан. Филиалдын жетекчисинин түшүндүрмөсүнө ылайык, бул автоунаа Балыкчы шаарында бузулуп калгандыктан, ошол жерде калган жана инвентаризация документтеринде көрсөтүлгөн эмес. Ошол эле учурда, инвентаризациянын жыйынтыгы менен бухгалтердик эсеп боюнча жетишпестик көрсөтүлбөй, жоопту кызмат адамына

карыз катары алынган эмес. Натыйжада, 873,6 миң сом суммасындагы Renault Duster маркасындагы автотранспорттун жетишпестиги аныкталды.

Ал эми, 2024-жылга карата отчеттук маалыматтарга жана берилген түшүндүрмөлөргө ылайык аныкталган 873,6 миң сом суммасындагы Renault Duster маркасындагы автотранспорттун жетишпестиги аудиттин жыйынтыгы менен, 2026-жылдын апрель айында жеринде ордуна коюлганы аудит учурунда "Кыргызгеология" МИнин буйругу (2026-жылдын 14-майындагы №02-11/62) менен жүргүзүлгөн инвентаризация жүргүзүү комиссиясынын жыйынтыгы менен белгиленди.

✓ 2025-жылга карата:

Мисалы, *миң сом*

| | аталышы | жүгүртүү - калдык ведомосту | бухгалтердик баланс, отчеттук мезгилдин таза пайдасы, капиталдагы өзгөрүүлөр боюнча отчеттордо | ***айырма*** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | "алынган авансгар" эсеби | 1 948,0 | 2 563,4 | 615,4 |
| 2 | "тейлөө үчүн төлөнгөн авансгар" эсеби | 161,0 | 254,5 | 93,5 |
| 3 | "төлөнө турган эсептер" эсеби | 8,7 | 527,9 | 519,2 |
| 4 | "пайдадан төлөнүүчү салык" эсеби | 212,8 | 170,2 | 42,6 |
| 5 | жалпы чыгымдар эсеби | 2 567,6 | 1 551,1 | 1 016,5 |
| 6 | жалпы кирешелер эсеби | 4 482,6 | 3 267,5 | 1 215,1 |

| | отчеттук мезгилдин таза пайдасы | капиталдагы өзгөрүүлөр боюнча отчеттордо | ***айырма*** |
|---|---|---|---|
| 1 | 1 532,2 | 1 677,6 | 145,4 |

Жалпы айырма 3 647,7 миң сомду түздү. Түзүлгөн айырма боюнча "Кыргызгеология" МИ тиешелүү эсептер жабылбастан бухгалтердик баланстын түзүлгөнү тууралуу түшүндүрмө берген. Мындай жагдай, бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн талаптары сакталбаган жана отчеттордун өз ара шайкештиги камсыз кылынбаган. Натыйжада, финансылык отчеттуулук ишенимдүү жана так эмес болгон.

Мындан тышкары төмөнкүлөр аныкталды:

- 300,0 миң сомго чарбалык операциялар кайталанып 2 жолу чыгым жана киреше болуп бул суммага көбөйтүлүп көрсөтүлгөн.
- Жогоруда көрсөтүлгөн "алынган авансгар" эсеби боюнча жүгүртүү - калдык ведомостундагы 1 948,0 миң сом суммасы Филиалдын малдар (жаныбарлар) жана автотранспорттор боюнча сатып алуучулардын алдында карызы болуп түзүлгөн. Ал эми, 2025-жыл ичинде сатылган негизги каражаттар, биоактивдер боюнча филиалдын банктык эсебине акча каражаттар келип түшкөн. Мындай жагдай, бухгалтердик эсептин каталар менен туура эмес

жүргүзүлүшү жана бурмаланып түзүлүшү, кредитордук карыздын негизсиз жогорулашы белгиленет.

- жалпы 2 548,0 миң сомго сатылган мал (жаныбар) боюнча эсеп фактуралар жазылбай, салык мыйзамынын сакталбай, болжол эсеп менен 356,7 миң сомго салыктардын чегерилбей калганы боюнча тобокелдиктер бар.
- “төлөнө турган эсептер” эсеп боюнча 519,2 миң сомго кредитордук карыздын жогорулатылып көрсөтүлүшү белгиленет.
- Биоактивдерди жеткирүү боюнча транспорт кызмат көрсөтүү чыгымдары жалпы, 161,0 миң сом суммасына жүргүзүлгөн, ал эми бухгалтердик баланста дебитордук карыз болуп эсепте көрсөтүлгөн. Тастыктаган документтер аудитке берилген жок.

✓ <u>2024-2025-жылдарга карата “Көмөкчү чарба” филиалынын бухгалтердик эсеби жана финансылык отчету боюнча төмөнкүлөр аныкталды:</u>

- Бухгалтердик баланс жана жүгүртүү - калдык ведомосту боюнча 1 000,0 миң сом суммасы минус белгиси менен жана берилген зайымдар жана кредиттер эсебинде ката менен туура эмес эсепте көрсөтүлүп, филиал үчүн дебитордук карыз болуп эсептелген, бирок бул сумма  алынган милдеттенме катары көрсөтүлүшү керек болчу.
- Бухгалтердик баланс жана жүгүртүү - калдык ведомосту боюнча 1 205,5 миң сом суммасы минус белгиси менен жана узак мөөнөттүү инвестициялар эсебинде ката менен туура эмес көрсөтүлгөн. Бул сумма Ишкана менен анын филиалынын ортосунда аласа - бересе катары тиешелүү эсеп менен көрсөтүлүшү керек болчу.
- Бухгалтердик баланста 15 жылкыдан турган 88,3 миң сомдук биоактивдер көрсөтүлгөн. Биоактивдер “Кыргызгеология” МИнин башкармалыктарынан 1 баш жылкынын баасы 3,0 миң сомдон 4,1 миң сомго чейинки суммада өткөрүлүп алынып, бухгалтердик баланста көрсөтүлгөн. Ал эми,  2025-жылга карата филиалдын 88,3 миң сомдук биоактивдери 14 бээ жана 1 айгырга алмашылган, кийин алар 7 кулуну менен кошо, жалпы 22 биоактивге айланган. Бирок, Филиал тарабынан бул биоактивдерге баалоо жүргүзүлгөн эмес, рыноктук баа аныкталып, бухгалтердик эсепке алынган эмес. Ошондой эле, 2025-2026-жылдары 7 кулунду эске алуу менен 2 баш жаш кулунга жана 4 баш жаш бээге көбөйгөн, жалпы 13 баш мал боюнча дагы каттоо жүргүзүлгөн эмес, рыноктук баасы аныкталып, бухгалтердик эсепке алынган эмес.
- Бухгалтердик баланс боюнча 127,8 миң сомго Филиалдын мурдагы жетекчиси К.И. Джаниевтин отчеттуу суммага алган акча каражат боюнча өз учурунда белгиленген бухгалтердик тартипке ылайык тиешелүү чара көрүлгөн эмес жана 2023-жылдан бери, бул дебитордук карыз калыбына келтирилген эмес.
- Бухгалтердик баланс жана жүгүртүү - калдык ведомосту боюнча “төлөнө турган салыктар” эсеби боюнча салыктар, мисалы киреше салыгы туура эмес эсеп жүргүзүү болуп эсептелет. Бул эсеп Ишкана менен анын филиалынын ортосунда аласа - бересе катары тиешелүү эсеп менен көрсөтүлүшү керек болчу. Анткени киреше салыгы “Кыргызгеология” МИ тарабынан консолиддик

финансылык отчет түзүлүп, тиешелүү отчеттор салык кызматына тапшырылат жана киреше салыгын чегерүү жүргүзүлөт.

- 58 бирдикте малдар (жаныбарлар) жана 108 бирдикте автотранспорттор бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык кириштелген эмес, демек сатылган ТМЦ, же биоактив, негизги каражат боюнча түшкөн кирешелерди кириштөө тартиби дагы сакталган эмес (*сатуулар боюнча маалымат отчеттун 4-бөлүгүндө*). Анын ичинен көрсөтүлгөн автотранспортторду өткөрүлүп алгандан кийин, 71 даана автотранспорт кара металл товар болуп кириштелип сатылган (*маалымат отчеттун 5-бөлүгүндө*). Ошондой эле, өлгөн малдар (5 бирдикте) дагы кириштелген эмес жана бухгалтердик эсепти жүргүзүү талаптарына ылайык чыгыштоо болгон эмес.
- 2025-жылдын 8-октябрындагы № 1597-п Маммүлктүн жер участогун оперативдүү башкаруу укугун камсыз кылуу жөнүндө буйругу менен, Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарындагы Ак-Чий участкасы дарегинде жайгашкан жалпы аянты 94,5 га жер тилкеси Филиалдын оперативдүү башкаруусуна өткөрүлүп берилген. Учурда бул жер тилкеси «Мамлекеттик мүлктүн бирдиктүү реестри» автоматташтырылган маалымат системасына киргизилген, бирок анын баасын аныктоо жана филиалдын балансына коюу чарасы жүргүзүлгөн эмес.

✓ Аудиттин алкагында "Кыргызгеология" МИнин директорунун буйругу менен (2026-жылдын 14-майындагы №02-11/62) "Көмөкчү чарба" филиалынын мүлкүнө толук инвентаризациялоо комиссиясы ("Кыргызгеология" МИнин директорунун орун басары – комиссиянын төрагасы жана ишкананын кызматкерлери – комиссиянын мүчөлөрү) түзүлүп, инвентаризация жүргүзүлдү. Анын жыйынтыгы менен, төмөнкүлөр аныкталды:

1. Жалпы 508,2 миң сомго балансылык баа менен товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталган.

- 89,6 миң сомго балансылык баа менен Вагон-үй.
- 140,8 миң сомго балансылык баа менен Бульдозер Т-170.
- 85,9 миң сомго балансылык баа менен Экскаватор ЮМЗ-6КЛ.
- 82,1 миң сомго балансылык баа менен Сенокосилка СК-1.
- 109,9 миң сомго балансылык баа менен Плуг ПЛН-4-35.

2. Товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкчасы аныкталган, 2 бирдикте Прицеп (абалы канааттандырарлык, эскирүү даражасы олуттуу) жана 1 бирдикте Сеялка (капиталдык ремонтту талап кылат).
3. 21,1 миң сомго балансылык баасы менен компрессор ПР-10 жана 59,1 миң сомго балансылык баасы менен компрессор ВП-20/8 ордунда жок, материалдар укук коргоо органдарына берилген.
4. Инвентаризацияны жүргүзүү күнүнө карата баланста турган 22 биоактивдер (жылкылар) Кочкор районунун Сары-Булак айылынын Кара-Кужур жайытында багууда болгон. Аларды кайра баалоо жана адилетүү баасы аныкталып, бухгалтердик эсепке алынууга тийиш. Ал эми, 2 баш жаш кулунга жана 4 баш жаш бээге көбөйгөн биоактивдер белгиленген тартипте идентификацияланууга, каттоого жана эсепке алынууга тийиш.

**3. Биоактивдерди эсепке алуу жана пайдалануу боюнча**

Филиалдын начальнигинин маалыматына ылайык, филиалдын карамагында турган 43 баш жылкыны багуу кыйынчылык жараткандыгына жана ишкананын финансылык ресурсун түзүү максатында, 2024-жылдын 12-июлундагы №2 келишим менен жеке ишкер Д. Алыкуловго жалпы 2 790,0 миң сом суммасына сатылган. "Экспресс-Оценка" ЖЧКсы тарабынан көз карандысыз баалоо жүргүзүлгөн. Белгилей кетүүчү жагдай, 2024-жылдын 1-январына карата биоактивдер бухгалтердик баланс боюнча 1 011,2 миң сомду түзгөн, ал эми 922,8 миң сомдук бөлүгү баланстан чыгуу менен сатылгандыктан, 2024-жылдын 31-декабрына карата калдык 88,0 миң сомду түзгөн. Бирок, сатылганга чейин биоактивдерге кайра баалоо жүргүзүлүп, рыноктук баа аныкталып, бухгалтердик эсепке алынган эмес. Биоактивдер "Кыргызгеология" МИнин башкармалыктарынан 1 баш жылкы 3,0 миң сомдон 4,1 миң сомго чейинки суммада өткөрүлүп алынып, бухгалтердик баланста көрсөтүлгөн. Натыйжада, 2 790,0 миң сомго бааланып сатылган биоактивдер бухгалтердик балансты олуттуу төмөн баада көрсөтүлгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, 2025-жылга карата филиалдын 15 жылкыдан турган биоактивдери 14 бээ жана 1 айгырга алмашылган, кийин алар 7 кулуну менен кошо жалпы 22 биоактивге айланган. Филиалдын начальнигинин маалыматына ылайык, филиалдын бул 22 баш биоактивди багууга мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, алар жеке адамга багууга берилген жана учурда Кочкор районунун Сары-Булак айылынын Кара-Кужур жайытында багылууда. Бирок, бул биологиялык активдерди багууга берүү боюнча тиешелүү келишимдер түзүлгөн эмес жана багууга берүүнүн укуктук негиздемеси жок. Демек, биологиялык активдердин сакталышы жана пайдаланылышы тиешелүү укуктук жана финансылык документтер менен таризделген эмес. Мындан тышкары, 2025-2026-жылдары 6 баш жаш кулунга жана 4 баш жаш бээге көбөйгөн биоактивдер белгиленген тартипте идентификацияланууга, каттоого жана эсепке алынууга тийиш.

**4. Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү жана пайдалануу боюнча**

"Кыргызгеология" МИнин макулдашуусу жок, "Көмөкчү чарба" филиалынын начальниги Маммүлккө 2024-жылдын 13-мартындагы №01-3 жана 2024-жылдын 27-мартындагы №01-5 каттары менен мамлекеттин пайдасына конфискацияланган жана башка түрдө мамлекеттик менчикке өткөн айыл чарба багытындагы жерлерди, тоолуу жерлердеги кашарларды, жеңил жана жүк ташуучу автотранспорт каражаттарын, айыл чарба техникаларын, оргтехниканы, ири мүйүздүү малды, кеңсе эмеректерин, жаныбарлар үчүн тоюттарды жана күйүүчү-майлоочу материалдарды бөлүп берүү тууралуу кайрылган.

"Көмөкчү чарба" филиалынын жогоруда окшош кайрылуулардын негизинде Маммүлк өзүнүн 2024-жылдын 27-августундагы №944-б буйругу менен мамлекеттин пайдасына конфискацияланган 9 баш бээ жана 4 баш кулун, жалпысынан 13 баш жылкыларды "Көмөкчү чарба" филиалынын чарба жүргүзүүсүнө өткөрүп берилген. Бирок, 2024-жылдын 13-сентябрында Раззаков шаарында түзүлгөн Конфискацияланган мүлктү өткөрүп берүү актысына

ылайык, 7 баш бээ жана 4 баш кулун, жалпысынан 11 баш жылкыларды сот аткаруучу Н. Алимбаев К. Дуйшеналиевге өткөрүп берди.

Ошондой эле, Маммүлк өзүнүн 2024-жылдын 27-августундагы №945-б буйругу менен мамлекеттин пайдасына конфискацияланган 25 баш кой жана 13 баш козуну “Көмөкчү чарба” филиалына чарба жүргүзүүсүнө өткөрүп берилген. Бирок, 2024-жылдын 12-сентябрында Лейлек районундагы Булак-Башы айылында түзүлгөн Конфискациялануута жаткан кой-козуларды мамлекеттин пайдасына өткөрүп берүү жөнүндө актысына ылайык, 2 баш кой жана 3 баш козу, сот аткаруучу М. Аблакулов К. Дуйшеналиевге өткөрүп берди.

Андан сырткары, 2024-жылдын 17-октябрында Сүлүктү шаарында түзүлгөн Конфискацияланган мүлктү кабыл алуу-өткөрүп берүү жөнүндө актысына ылайык, 14 баш кой жана козуларды сот аткаруучу Н. Алимбаев К. Дуйшеналиевге өткөрүп берди.

Мындан тышкары, Маммүлк өзүнүн 2024-жылдын 7-октябрындагы №1129-б буйругу менен мамлекеттин пайдасына конфискацияланган 21 баш бодо малды “Көмөкчү чарба” филиалына чарба жүргүзүүсүнө өткөрүп берген.

Өткөрүлүп алынган малдардын ичинен жеткирүүдө жана сатууга чейин алардын абалы начар болгондуктан, ветеринар жана филиалдын жетекчиси тарабынан түзүлгөн өлүм актыларына ылайык 5 баш мал, тактап айтканда 3 бука, 1 жылкы жана 1 кулун өлгөн. Бирок, бул актылар “Кыргызгеология” МИ тарабынан өз убагында балансқа алуу, тиешелүү комиссия аркылуу карап чыгуу жана бекитүү тартибинде жол-жоболоштурулушу керек болчу.

Белгилеп кетчү нерсе, 2024-жылдын 22-июлунан 18-октябрына чейин 21 баш бодо малды багууга 300,0 миң сом өлчөмүндө каражат Баткен районунун Кара-Бак айыл өкмөтүнүн жергиликтүү тургунуна аталган айыл өкмөтү аркылуу “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан 2025-жылдын 17-апрелинде төлөнгөн. Бирок, айыл өкмөтү менен жергиликтүү тургундун ортосунда түзүлгөн келишимде мал багып берүү боюнча чыгымдын суммасы көрсөтүлгөн эмес. Мындан тышкары, Кара-Бак айыл өкмөтүнө 300,0 миң сом которулганга чейин филиал бул каражатты А. Карыбекова аттуу жаранга которуп берген. Филиалдын жетекчисинин түшүндүрмөсүнө ылайык, бул акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн жергиликтүү тургунга мал багып берүү чыгымын төлөп берүү үчүн Карыбекова А. аркылуу берилген. Бирок келишим айыл өкмөтү менен түзүлгөндүгүнө байланыштуу, филиал түздөн-түз айыл өкмөтү менен иш алып барышы керек болчу. Натыйжада, көрсөтүлгөн жаранга каражат которуу туура эмес болгондуктан, кийин бул каражат кайтарылып алынып, андан соң 2025-жылы Кара-Бак айыл өкмөтүнө которулган. Муну менен катар, филиал малдарды Баткен облусунан Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка айылына жеткирүүгө кошумча 161,0 миң сом чыгым тарткан.

Көз карандысыз баалоочу “Экспресс-Оценка” ЖЧКсы 2024-жылдын 30-октябрында 9 баш жылкыны, 18 баш бодо малды жана 17 баш кой-козуну жалпы 1 823,0 миң сомго баалаган. Андан кийин “Көмөкчү чарба” филиалы 2024-жылдын 30-декабрындагы №6 жана №7 келишимдери менен 9 баш жылкыны жана 17 баш кой-козуну 533,0 миң сомго, 18 баш буканын өзүн 1 210,0 миң сомго,

жалпысынан 1 743,0 миң сомго саткан. Филиалдын начальнигинин маалыматына ылайык, бул биологиялык активдер Ош жана Баткен облустарынан алыскы региондордон ташылып келинип, багуу шарты жок, абалы начарлап, каражатты көп талап кылгандыктан сатылган, жоготууларды азайтуу жана финансылык ресурстарды көбөйтүү дагы эске алынган. Келишимдер боюнча төлөө мөөнөтү 2025-жылдын май айларына чейин белгиленген жана 1 743,0 миң сом суммасындагы акча каражаты келип түшкөн. Бул малдар төлөө мөөнөтүнө чейин эле сатып алуучуга өткөрүлүп берилген.

Ошол эле учурда, 1 743,0 миң сомго бааланып сатылган бул мамлекеттик мүлк “Көмөкчү чарба” филиалына кириштелбестен, балансына алынбастан сатылган, ошондой эле сатып алуучуга төлөө мөөнөтүнө чейин өткөрүлүп берилген. Мындан тышкары, филиал тарабынан 19 баш кой жана козу өткөрүлүп алынганы көрсөтүлүп, анын 17 башы сатылган, натыйжада 2 баш мал боюнча жетишпестик түзүлгөн.

Ошону менен бирге, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 153-беренесине ылайык, конфискацияланган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер республикалык бюджетке түшөт деп белгилөө зарыл.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун *(2025-жылдын 14-мартына чейин юридикалык күчү бар болгон)* 6, 7, 8 жана 16-пункттарына ылайык, мындай мүлк мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын катышуусу менен сот аткаруучу тарабынан тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга алардын компетенциясына ылайык өткөрүлүп берилүүгө тийиш. Аталган жобонун 16-пунктунун 9-пунктчасына ылайык, асыл тукум, продукттуу жана жумушчу бодо малдар агроөнөр-жай комплекси чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу органга, андан ары ведомстволук уюмдарга өткөрүү үчүн берилүүгө тийиш, ал эми 14-пунктчасына ылайык, айрым учурларды кошпогондо, мындай мүлк сатуу укугусуз өткөрүлөт. Бирок, мамлекеттик мүлктү кабыл алуу-өткөрүп берүү процессине Маммүлктүн өкүлү катышкан эмес, анын ордуна “Көмөкчү чарба” филиалынын начальниги К. Дуйшеналиев Маммүлктүн ишеним катына ылайык, анын өкүлү катары негизсиз көрсөтүлүп, кабыл алуу документтерине кол коюлган. Мындай жагдай конфискацияланган мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү тартибинин олуттуу бузулушуна алып келген. Сот аткаруучулар тарабынан (Баткен, Лейлек райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн) тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга алардын компетенциясына ылайык өткөрүлүп берилүүгө тийиш болчу.

Жыйынтыгында, тартиптин талаптары бузулуп, көрсөтүлгөн 1 743,0 миң сомго сатылган мамлекеттик мүлк “Көмөкчү чарба” филиалына негизсиз өткөрүлүп берилип, андан кийин филиал тарабынан сатылган. Ушуга байланыштуу, конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү боюнча белгиленген тартипти бузуу менен филиалга

берилген жана сатылган мамлекеттик мүлктүн 1 743,0 миң сом суммасы республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш.

Мындан тышкары, 2025-жылдын 14-мартындагы №295-б “Мүлктөрдү чарба жүргүзүүгө өткөрүп берүү жөнүндө” Маммүлктүн буйругуна (Баткен облусунун Лейлек райондук сотунун 2025-жылдын 15-январындагы №129-24-Ба4 өкүмү боюнча) ылайык, 15 баш торпок “Көмөкчү чарба” филиалына берилген. Өткөрүп алуу актысына ылайык факты жүзүндө “Көмөкчү чарба” филиалы 14 баш торпок өткөрүп алган.

Көз карандысыз баалоочу “Экспресс-Оценка” ЖЧКсы 2025-жылдын 25-августунда 14 баш торпок 805,0 миң сомго баалаган. Андан кийин “Көмөкчү чарба” филиалы 2025-жылдын 3-сентябрындагы № 5 келишими менен 14 баш торпокту 805,0 миң сомго жеке адамга саткан. Бул, биологиялык активдер Баткен облусунан ташылып келинген.

Келишим боюнча төлөө мөөнөтү 2026-жылдын февраль айына чейин белгиленген жана 805,0 миң сом сом суммасындагы акча каражаты келип түшкөн. Мал төлөө мөөнөтү чейин эле сатып алуучуга өткөрүлүп берилген.

Ошол эле учурда, 805,0 миң сомго бааланып сатылган бул мамлекеттик мүлк “Көмөкчү чарба” филиалына кириштелбестен, балансына алынбастан сатылган.

Ошону менен бирге, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 153-беренесине ылайык, конфискацияланган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер республикалык бюджетке түшөт деп белгилөө зарыл.

Мындан тышкары, белгилеп кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун *(2025-жылдын 14-мартына чейин юридикалык күчү бар болгон)* 6, 7, 8 жана 16-пункттарына ылайык, мындай мүлк мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын катышуусу менен сот аткаруучу тарабынан тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга алардын компетенциясына ылайык өткөрүлүп берилүүгө тийиш. Аталган жобонун 16-пунктунун 9-пунктчасына ылайык, асыл тукум, продукттуу жана жумушчу бодо малдар агроөнөр-жай комплекси чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу органга андан ары ведомстволук уюмдарга өткөрүү үчүн берилүүгө тийиш, ал эми 14-пунктчасына ылайык, айрым учурларды кошпогондо, мындай мүлк сатуу укугусуз өткөрүлөт. Бирок, мамлекеттик мүлктү кабыл алуу-өткөрүп берүү процессине Маммүлктүн өкүлү катышкан эмес, анын ордуна филиалдын начальниги Маммүлктүн ишеним катына ылайык, анын өкүлү катары негизсиз көрсөтүлүп, кабыл алуу документтерине кол коюлган. Мындай жагдай конфискацияланган мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү тартибинин олуттуу бузулушуна алып келген. Сот аткаруучулар тарабынан (Баткен, Лейлек райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн) тиешелүү ыйгарым укуктуу

органдарга алардын компетенциясына ылайык өткөрүлүп берилүүгө тийиш болчу.

Жыйынтыгында, тартиптин талаптары бузулуп, көрсөтүлгөн 1 743,0 миң сомго жана 805,0 миң сом сомго, жалпысынан 2 548,0 миң сомго сатылган мамлекеттик мүлк "Көмөкчү чарба" филиалына негизсиз өткөрүлүп берилип, андан кийин филиал тарабынан сатылган. Ушуга байланыштуу, конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү боюнча белгиленген тартипти бузуу менен филиалга берилген жана сатылган мамлекеттик мүлктүн 2 548,0 миң сом суммасы республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш.

5. **<u>Автотранспорт каражаттар боюнча:</u>**

*"Көмөкчү чарба" филиалынын 109 автотранспорт каражаттары жөнүндө таблица түрүндө маалыматы отчеттун №1 Тиркемесинде.*

1) 2024-жылы Маммүлктүн тиешелүү буйруктарына ылайык "Көмөкчү чарба" филиалына 21 даана автотранспорт каражаттары ыкчам башкарууга жана 1 даана автотранспорт каражаты чарба жүргүзүүгө өткөрүлгөн жана "Кыргызгеология" МИнин 2024-жылдын 23-августундагы №01-6/132 буйругуна ылайык, "Кыргызгеология" МИнин ыкчам башкаруусунда турган 46 даана автотранспорт каражаттарын "Көмөкчү чарба" филиалына өткөрүлгөн жана "Кыргызгеология" МИнин тиешелүү буйруктары жок "Кыргызгеология" МИнин ыкчам башкаруусунда турган 40 даана автотранспорт каражаттары "Көмөкчү чарба" филиалына өткөрүлгөн, тактап айтканда эч кандай уруксат кагаздары жок "Көмөкчү чарба" филиалы тарабынан алар сатылган, ошондой эле 1 даана автотранспорт каражаты Маммүлктүн тиешелүү буйругу белгисиз болуп "Көмөкчү чарба" филиалына өткөрүлгөн. Ошентип, "Көмөкчү чарба" филиалынын карамагына жалпысынан 109 даана автотранспорт каражаттары өткөрүлүп берилген. Ошол 109 даана автотранспорт каражаттардан 2024-жылдын аягында жана 2025-жылдын башында "Көмөкчү чарба" филиалы тарабынан 107 даана автотранспорт каражаттары балanска кириштебестен сатылган, анын ичинен 37 даанасын автоунаа катарында, 70 даанасын кара металл катарында сатылган. 1 даанасы болсо, балансta турат, ал эми 1 даанасы жок болууда, ал сатылган, же балансta турат деген ырастоочу документи жок.

Көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттарын сатуудан мурда "Көмөкчү чарба" филиалы алардын наркын баалоо үчүн Маммүлктөн каттарды алган. Алсак, Маммүлктүн 2024-жылдын 4-сентябрындагы №09/1/4160 катына ылайык, 52 даана автотранспорт каражаттарынын наркы баалангандыгы көрсөтүлгөн, алардан: 27 даанасы көрсөтүлгөн баада сатылган, 24 даанасы көрсөтүлгөн баада сатылган эмес, алар кара металл катарында арзан сатылган, 1 даанасы болсо, сатылган эмес жана азыркы учурда балансta жок. Ал эми, Маммүлктүн 2025-жылдын 18-февралындагы №455 катына ылайык, 11 даана автотранспорт каражаттарынын наркы баалангандыгы көрсөтүлгөн жана алар көрсөтүлгөн баада сатылган.

Жогоруда 1 даана автотранспорт каражат балансta жок деп эсептелген, бул Мерседес-Бенц маркасындагы автоунаа, шасси №65201 (57297) болуп саналат,

анын бааланган наркы 200,0 миң сом. Маммүлктүн 2023-жылдын 29-сентябрындагы №509-б буйругуна ылайык, “Кыргызгеология” МИнин балансына өткөрүлгөн, ал эми “Кыргызгеология” МИнин өзүнүн 2024-жылдын 23-августундагы №01-6/132 буйругуна ылайык “Көмөкчү чарба” филиалына өткөрүп берилген.

Мындан тышкары, Маммүлктүн 2023-жылдын 29-сентябрындагы №509-б буйругунда көрсөтүлгөн 5 автотранспорт каражаттар боюнча белгилеп кетүү зарыл: 1) Миксер 000255, VIN код 028916; 2) Прицеп АКТ004077, VIN код 00001; 3) Мерс АКТ 007450, VIN код 000000002; 4) Прицеп АКТ004079, VIN код АКТ004079; 5) Миксер 000255, VIN код 023205. Алар боюнча аудит субъекти Маммүлктүн 23.09.2024-жылдагы № 1053-б буйругуна ылайык сатылган деп белгилешти. Ошол эле учурда, көрсөтүлгөн буйрукта автоунаанын аталышы окшош, бирок кузовдун номери бөлөк же кузовдун номери окшош, бирок автоунаанын аталышы бөлөк болууда. Булар боюнча аудит субъекти кошумча тиешелүү документтерди бере албады.

Белгилеп кетчү нерсе, “Көмөкчү чарба” филиалынын 2024-жылдын 27-ноябрындагы №01-01/14 каты менен Маммүлккө 71 даана автотранспорт каражаттары боюнча төмөнкүдөй кайрылган: *“Маммүлктүн төмөнкү буйруктары менен: 2023-жылдын 24-майындагы №252-б (35 даана), 2023-жылдын 29-сентябрындагы №509-б (9 даана), 2024-жылдын 5-февралындагы №102-б (17 даана), 2024-жылдын 13-мартындагы 231-б (2 даана), 2024-жылдын 14-июнундагы №574-б (8 даана) “Көмөкчү чарба” филиалынын тескемесине автотранспорт каражаттар берилген, алардын айрымдары канааттандырарлык эмес абалда болгон, ошондон улам, кээ бирлерин унаа тетиктери катары колдонулду дагы чектелген санда автоунааларды калыбына келтирилди, ал эми калган автоунаалар металл каркастар жана башка эскирген бөлүктөр катары калды. Буга байланыштуу, көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттарын мындан ары башкаруу боюнча сунуштама жана көрсөтмө берүүңүздөрдү суранабыз.”* деп.

Ал эми, Маммүлк өзүнүн 2024-жылдын 5-декабрындагы №410 катына ылайык, жогоруда аталган 71 даана автотранспорт каражаттары боюнча “Кыргызметаллпром” мамлекеттик ишканасына кайрылып, кара металл катарында сатууну сунуштаган.

Аталган 71 даана автотранспорт каражаттардын ичинде “Даф” маркасындагы автоунаа, кузов № 705029 көрсөтүлгөн, бирок ал автоунаа Маммүлктүн 23.09.2024-жылдагы № 1053-б буйругуна ылайык, 50,0 миң сомго сатылган. Көрсөтүлгөн автоунааны аталган 71 даана автотранспорт каражаттардын тизмесинде көрсөтүү туура эмес болуп саналат. Ошондо 71 даана эмес, 70 даана автотранспорт каражаттары кара металл катарында сатылган болуп калат (ушул Отчетко тиркеме 1 караңыз).

Бирок, Маммүлктүн 2024-жылдын 4-сентябрындагы №09/1/4160 катына ылайык, көрсөтүлгөн 71 даана автотранспорт каражаттардын ичинен 24 даанасы жалпы наркы 667,0 миң сомго бааланган жана анын ичинен 1 даана автотранспорт каражат: “Мерседес-Бенц” маркасындагы автоунаа, шасси

№64265 – 200,0 миң сомго бааланганын белгилеп кетүү зарыл. Буга карабастан, “Көмөкчү чарба” филиалы наркы бааланган 24 даана автотранспорт каражаттарды башка 47 даана автотранспорт каражаттарга (47 даана автотранспорт каражаттары канааттандырарлык эмес абалда жана унаа тетиктери катары колдонулганына байланыштуу баалоодон өткөн эмес) кошуп, жалпысынан 615,4 миң сомго саткан. Тактап айтканда, 2025-жылдын 1-апрелиндеги “Көмөкчү чарба” филиалы менен “Кыргызметаллпром” мамлекеттик ишканасынын ортосундагы №24/2025 келишимине ылайык, 71 даана автотранспорт каражаттарды 41 024 кг кара металл катары бааланып, 1 кг - 15 сомдон эсептелип, жалпы 615,4 миң сомго сатылган.

Белгилеп кетчү нерсе, “Көмөкчү чарба” филиалынын 2024-жылдын 27-ноябрындагы №01-01/14 каты менен 71 даана автотранспорт каражаттары боюнча кайрылтуусуна Маммүлк тарабынан аталган автотранспорт каражаттардын наркын баалоо боюнча эч кандай иштерди жасаган эмес.

“Көмөкчү чарба” филиалы штаттык саны 4 киши болсо дагы, Филиалдын начальниги кызматтык зарылчылыкка байланыштуу жана Филиалдын негизги тапшырмаларын аткаруу деп Филиалга бир канча автотранспорт каражаттарын жана башка мүлктөрдү берүү боюнча кат жүзүндө бир канча жолу Маммүлккө кайрылууларды жазган, алар 07.06.2024-жыл № 01-01/3, 31.07.2024-жыл № 01-01/9, 25.09.2024-жыл №01-01/10 жана башка кайрылуулар.

Ошону менен бирге, “Көмөкчү чарба” филиалына Маммүлк тарабынан 107 даана автотранспорт каражаттарын сатууга уруксат берүүсү, аталган филиалга карата тиешелүү түрдө анализ жана контрол жасалбагандыгын билдирет. Ошондой эле, Маммүлктүн буйруктары туура эмес таризделгендигин белгилөө зарыл.

Мындан тышкары, жогоруда белгиленгендей “Кыргызгеология” МИнин ыкчам башкаруусунда турган 86 автотранспорт каражаттарын “Көмөкчү чарба” филиалынын карамагына Маммүлктүн тиешелүү буйруктары жок өткөрүп берүүсү мыйзамсыз болуп саналат (*Бул боюнча тагыраак төмөн жакта белгиленет*).

**2)** Жогоруда жазылгандай 2024-жылдын аягында жана 2025-жылдын башында “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан 107 даана автотранспорт каражаттары сатылган, анын ичинен 37 даанасын автоунаа катарында сатылган, алар боюнча төмөнкүдөй белгилеп кетүү зарыл:

- 2024-жылы “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан Маммүлктүн 2024-жылдын 25-сентябрындагы №1053-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык, 17 даана автотранспорт каражаттарын, жалпы 948,0 миң сомго сатылган;

- 2025-жылы “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан Маммүлктүн 2025-жылдын 24-февралындагы №209-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 7-мартындагы №270-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” буйруктарына ылайык, 20 даана автотранспорт каражаттары, жалпы 2 663,0 миң сомго сатылган.

Маммүлктүн 2024-жылдын 25-сентябрындагы №1053-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө”, 2025-жылдын 24-февралындагы №209-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 7-мартындагы №270-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” буйруктардын преамбуларында “Көмөкчү чарба” филиалынын тиешелүү кайрылуу каттарына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген Мамлекеттин менчигинде турган транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуунун тартиби жана алардын наркын баалоонун методикасы жөнүндө Жобого шилтеме жасалган.

Аталган Жобонун 5-пунктуна ылайык, транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатууну каалаган мамлекеттик юридикалык жактар транспорт каражаттарынын паспорттук-техникалык маалыматтары тиркелген жана сатуу зарылдыгын негиздеген арызды мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органга берет. Транспорт каражаттарын сатуу төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

- сатуучунун транспорт каражаттарын сатуу зарылдыгын негиздеген сатууга арызынын;
- ишкананын администрациясынын чечиминин;
- транспорт каражатынын техникалык абалы тууралуу актынын;
- мамлекеттик юридикалык жактын жетекчиси жана башкы бухгалтери күбөлөндүргөн баштапкы (тарыхый) наркы тууралуу справкалар.

Ошону менен бирге, “Көмөкчү чарба” филиалы өзүнүн кайрылуу катында автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитип берүүнү суранат. Ошол эле учурда, жогоруда аталган Жобонун 5-пунктунда белгиленген документтер тиркелген эмес жана кайрылуу катында транспорт каражаттарын сатуу зарылдыгын негиздеген маалымат жок.

Ошондой эле, “Көмөкчү чарба” филиалы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 90-беренесине ылайык, юридикалык жак болуп саналбайт экендигин белгилөө зарыл.

Мындан тышкары, жогоруда аталган Жобонун 7, 8, 9, 10-пункттарына ылайык, “Транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуу үчүн мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдын чечими менен транспорт каражаттарынын наркын баалоо боюнча комиссия түзүлөт. Комиссиянын курамына мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдын өкүлү (комиссиянын төрагасы), транспорт боюнча эксперт, транспорт каражаттарын сатуучу мамлекеттик юридикалык жактын өкүлдөрү кирет. Транспорт ишканасынын инженер-техникалык кызматкери, транспортту техникалык тейлөө боюнча 5 жылдан кем эмес иш стажы бар адис же көз карандысыз баалоочу транспорт боюнча эксперт боло алат. Транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) тыкыр карап чыккандан кийин комиссия транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) баалоо протоколун түзөт,

анда алардын рыноктук наркы көрсөтүлөт. Транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) баалоо Протокол түзгөндөн кийин мамлекеттик юридикалык жак сатып алуучу менен сатып алуу-сатуу келишимин түзөт жана транспорт каражаттарын мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдын макулдугу менен сатат.”.

Аудитке “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан Маммүлктүн 2024-жылдын 4-сентябрындагы №09/1/4160 жана 2025-жылдын 18-февралындагы №455 каттары берилди. Аталган каттарда 63 даана автотранспорт каражаттарынын наркы баалангандыгы көрсөтүлгөн.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттарына карата наркын баалоо боюнча комиссиясынын протоколу жок экендигин белгилөө зарыл.

Ошондой эле, жогоруда аталган Жобонун 17-пунктуна ылайык, транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуудан алынган каражаттар, эгерде мамлекеттик мүлк ага чарба жүргүзүү укугу менен берилсе, мамлекеттик юридикалык жактын тескөөсүндө калат.

Бирок, Маммүлктүн тиешелүү буйруктарына ылайык, автотранспорт каражаттары “Кыргызгеология” МИге жана “Көмөкчү чарба” филиалына ыкчам башкарууга өткөрүлүп берилген. Ошого карабастан, сатуудан алынган каражаттар “Көмөкчү чарба” филиалдын тескөөсүндө калган. Ошону менен бирге, “Кыргызгеология” МИнин балансынан “Көмөкчү чарба” филиалынын балансына өткөрүү жөнүндө Маммүлктүн тиешелүү буйруктары жок, б.а. “Кыргызгеология” МИ өзүнүн балансындагы турган 86 даана автотранспорт каражаттарын “Көмөкчү чарба” филиалына мыйзамсыз сатууга уруксат берип койгон. Ал эми, Маммүлк 2024-жылдын 25-сентябрындагы №1053-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө”, 2025-жылдын 24-февралындагы №209-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 7-мартындагы №270-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” буйруктары менен “Көмөкчү чарба” филиалына мыйзамсыз сатууга уруксат берип койгон жана автотранспорт каражат сатылгандан акча каражаттар республикалык бюджетке 3 611,0 миң сом түшпөөсүнө жол берген, анткени, өзүнүн буйруктарына Маммүлк жетиштүү түрдө контроль жасаган эмес.

37 даана автотранспорт каражаттарын сатууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген Мамлекеттин менчигинде турган транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуунун тартиби жана алардын наркын баалоонун методикасы жөнүндө Жобонун талаптары сакталбагандыгын белгилөө зарыл. Жалпысынан, 37 даана автотранспорт каражаттары боюнча 3 611,0 миң сом республикалык бюджетке кайтарууга жатат.

Маммүлктүн 2024-жылдын 4-сентябрындагы №09/1/4160 жана 2025-жылдын 18-февралындагы №455 каттарында жогоруда көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттардын чыгарылган жылдары өтө эски болбосо дагы

наркы өтө төмөн бааланган. Ошондой эле, тиешелүү комиссиянын протоколу жок болгондуктан, жогоруда көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттарынын наркы өтө төмөн баалагандыгын себебин билүүгө мүмкүн болгон жок жана рыноктук наркын көрсөтө албады деп белгилөө зарыл.

Мындан тышкары, аталган Жобонун 16-пунктуна ылайык, транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатууда мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органынын эсеп-счетуна чегерилүүчү наркынын 7% өлчөмүндө сатуу баасынан үстөк комиссиялык жыйым алынат.

Ошондой эле, 2024-жылдын 25-сентябрындагы №1053-б "Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө", 2025-жылдын 24-февралындагы №209-б "Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө" жана 2025-жылдын 7-мартындагы №270-б "Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө" буйруктары менен 37 даана автотранспорт каражаттары боюнча аталган келишимдерде Маммүлктүн эсеп-счетуна чегерилүүчү наркынын 7% өлчөмүндө сатуу баасынан үстөк комиссиялык жыйым алуу көрсөтүлгөн жана ал үстөк комиссиялык жыйымдардын жалпы суммасы 252,8 миң сомго.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй 37 даана автотранспорт каражаттарын сатуу боюнча Маммүлк тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын одоно бузуулар болгондуктан, 252,8 миң сом суммасындагы үстөк комиссиялык жыйымдар республикалык бюджетке кайтарууга жатат.

**3)** "Кыргызгеология" МИнин 2024-жылдын 23-августундагы № 01-6/132 "Автотранспорт каражаттарды "Көмөкчү чарба" филиалына өткөрүп берүү жөнүндө" буйругунда Маммүлктүн 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 509-б (27 даана автотранспорт каражаттар), 2024-жылдын 31-январындагы № 70-б (2 даана автотранспорт каражаттар), 2024-жылдын 5-февралындагы № 102-б (17 даана автотранспорт каражаттар) буйруктары менен өткөрүлүп берилген автотранспорт каражаттарын "Көмөкчү чарба" филиалынын тескемесине алынсын (жалпысы 46 даана автотранспорт каражаттар), аларды кийин сатуу үчүн жана сатылган автотранспорт каражаттарынын акча каражаттарын Филиалдын финансылык абалын чыңдоо үчүн жумшалсын, деп көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, иш жүзүндө "Кыргызгеология" МИ өзүнүн ыкчам башкаруусунда турган дагы 40 даана автотранспорт каражаттарын "Көмөкчү чарба" филиалына сатууга уруксат берип койгон.

Ошентип, Кыргызгеология" МИ жалпысынан 86 даана автотранспорт каражаттарын "Көмөкчү чарба" филиалына сатууга уруксат берген.

Белгилеп кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө Жобого ылайык, ыйгарым укуктуу орган баланс кармоочунун жана кабыл алуучу мамлекеттик мекеменин /ишкананын биргелешкен өтүнүчүнүн негизинде баланс кармоочудан мамлекеттик мүлктү башка мамлекеттик мекемеге/ ишканага чарба жүргүзүүгө же ыкчам башкарууга

өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алат жана чарба жүргүзүүгө же ыкчам башкарууга мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүүдө тараптардын ортосунда кабыл алуу-өткөрүү актысы түзүлөт.

Бирок, 86 даана автотранспорт каражаттарын “Кыргызгеология” МИ Маммүлктүн тиешелүү чечимдери жок “Көмөкчү чарба” филиалынын тескемесине өткөрүп берген жана аларды сатууга уруксат берген, ошондой эле сатылган автотранспорттордун акча каражаттары республикалык бюджетке которулган эмес.

Ошондой эле, 1 даана автоунаа: “Ауди С4” маркасындагы автоунаа, кузов №WAUZZZ4AZNN008682 Маммүлктүн 23.09.2024-жылдагы № 1053-б буйругуна ылайык сатылган, бирок автоунааны “Көмөкчү чарба” филиалына ыкчам башкарууга же чарба жүргүзүүгө өткөрүү боюнча Маммүлктүн тиешелүү буйругу жок экендигин белгилөө зарыл.

Мындан тышкары, “Көмөкчү чарба” филиалы аудитке автотранспорт каражаттар тууралуу төмөнкү Маммүлктүн буйруктарынын көчүрмөлөрүн берди: 2024-жылдын 27-февралындагы №167-б “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2021-жылдын 24-майындагы №238-б буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө” жана 2024-жылдын 7-октябрындагы №1129-б “Мүлктөрдү өткөрүп берүү жөнүндө”.

Алсак, Маммүлктүн 2024-жылдын 27-февралындагы № 167-б “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2021-жылдын 24-майындагы № 238-б буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө” буйругу менен 2021-жылдын 24-майындагы № 238-б буйругунун тиркемесиндеги өткөрүлүп берилүүчү автотранспорт каражаттарынын тизмесине төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин: “Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын “Унаа” мамлекеттик мекемесинин Каракол бөлүмү” деген сүйлөмдү “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасы” деген сүйлөмүнө өзгөртүлсүн, деп жазылган.

Бирок, түшүнүксүз канча автотранспорт каражаттары “Кыргызгеология” МИнин балансына өткөрүлгөндүгү. Аудит субъектинин айтуусу боюнча аталган буйрукта, тагыраак айтканда, Маммүлктүн 2021-жылдын 24-майындагы № 238-б буйругу менен “Шевроле-Нива 212300-55” маркасындагы автоунаа, кузов №X9L21230090281909 көрсөтүлгөн деп.

Ошону менен бирге, белгилеп кетчү нерсе, Маммүлктүн 2024-жылдын 27-февралындагы №167-б буйругу менен каралса, анда аталган автоунаа 2021-жылдын 24-майынан тартып “Кыргызгеология” МИнин балансында турган болуп калат, башкача айтканда буйрук туура эмес таризделген жана ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө Жобонун талаптарына ылайык келбейт.

Ошондой эле, Баткен райондук сотунун 2024-жылдын 23-августундагы №УД-45-24-Ба-1 өкүмүнүн негизинде Маммүлк өзүнүн 2024-жылдын 7-октябрындагы №1129-б буйругу менен мүлктөр мамлекеттин менчигине кабыл алынып, 1 даана автотранспорт каражаты жана 21 даана бодо мал *(21 даана бодо мал боюнча жогоруда отчеттун 4-бөлүгүндө жазылган)* "Көмөкчү чарба" филиалынын чарба жүргүзүүсүнө өткөрүлүп берилген жана аталган бодо малдарды сатуусу сунушталган.

Бирок, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 153-беренесине ылайык, конфискацияланган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер республикалык бюджетке түшөт деп белгилөө зарыл.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун *(2025-жылдын 14-мартына чейин юридикалык күчү бар болгон)* 6-пунктуна ылайык, "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот аткаруучу көргөн чаралардан кийин мүлктү мамлекеттик менчикке кабыл алуу жөнүндө кабарлама-катты мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга жиберет. Көрсөтүлгөн кабарлама-катка белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн конфискациялоо жөнүндө аткаруу документинин көчүрмөсү, соттук акт, ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү идентификациялоого мүмкүндүк берген документтер тиркелет.".

Ошондой эле, аталган Жобонун 8-пунктуна ылайык, "Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга төмөнкү конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз калган мүлк кабыл алуу-өткөрүп берүү актысын түзүү менен өткөрүп берилет:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан кыймылсыз мүлк (жер участоктору, турак-жайлар, алардын бөлүктөрү, аларга болгон чарбалык курулуштар, дачалар, гараждар, батирлер, имараттар жана курулмалар ж.б.);

2) автотранспорт каражаттары, түрүнө карабастан чарба техникасы, суу, аба транспорту жана өзү жүрүүчү техниканын башка түрлөрү;

3) үлүштөр, чарбалык коомдордун жана шериктиктердин уставдык капиталындагы үлүштөр, баалуу кагаздар.

Ушул пункттун 1, 2, 3-пунктчаларында көрсөтүлгөн мүлктү сатуу үчүн менчиктештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары колдонулат.".

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-мартындагы № 126 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратуу Тартибинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, ушул Тартиптин колдонулушу

мамлекеттик менчик укугу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесине ылайык соттун айыптоо өкүмүнүн жана укук коргоо жана көзөмөлдөө органдарынын уюшкан кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ишинин натыйжалары боюнча аныкталган мүлктү конфискациялоо жөнүндө аткаруу документинин негизинде пайда болгон объекттерди ээликтен ажыратууга жайылтылат жана бул Тартиптин 3-пунктуна ылайык, ушул Тартипке ылайык ээликтен ажыратылууга тийиш болгон объекттер мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылат.

**4)** Маммүлктүн 2024-жылдын 8-февралындагы № 113-б буйругуна ылайык, “Хундай Солярис” маркасындагы автотранспорт мамлекеттик менчикке кабыл алынды жана “Кыргызгеология” МИ “Көмөкчү чарба” филиалына ыкчам башкарууга өткөрүлүп берилген.

Кадамжай райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн сот аткаруучусу У. Кеңеш уулу тарабынан 2024-жылдын 14-февралында түзүлгөн Конфискациялоого жаткан автоунааны өткөрүп берүү жөнүндө актыга ылайык, “Хундай Солярис” маркасындагы автоунаа, 03KG695ACS мамлекеттик номерлүү, жогоруда көрсөтүлгөн Маммүлктүн буйругунун негизинде Маммүлктүн өкүлү Ы. Кусеиновго өткөрүлүп берилип, аталган Маммүлктүн өкүлү “Кыргызгеология” МИнин “Көмөкчү чарба” филиалына ыкчам башкарууга берилет деп “Көмөкчү чарба” филиалынын начальниги К. Дуйшеналиевге өткөрүлүп берилген.

Маммүлктүн 2024-жылдын 25-сентябрындагы № 1053-б буйругу менен бекитилген автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимине ылайык, 2014-жылы чыккан “Хундай Солярис” маркасындагы автотранспортту (03KG695ACS мамлекеттик номер) “Кыргызгеология” МИнин “Көмөкчү чарба” филиалынын начальниги К. Дуйшеналиев Н. Русланбековго жарангa 70,0 миң сомго саткан.

Бирок, белгилөө зарыл, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 153-беренесине ылайык, конфискацияланган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер республикалык бюджетке түшөт.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана ароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун *(2025-жылдын 14-мартына чейин юридикалык күчү бар болгон)* 6-пунктуна ылайык, “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот аткаруучу көргөн чаралардан кийин мүлктү мамлекеттик менчикке кабыл алуу жөнүндө кабарлама-катты мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга жиберет. Көрсөтүлгөн кабарлама-катка белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн конфискациялоо жөнүндө аткаруу документинин көчүрмөсү, соттук акт,

ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү идентификациялоого мүмкүндүк берген документтер тиркелет.”.

Ошондой эле, аталган Жобонун 8-пунктуна ылайык, “Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга төмөнкү конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз калган мүлк кабыл алуу-өткөрүп берүү актысын түзүү менен өткөрүп берилет:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан кыймылсыз мүлк (жер участоктору, турак-жайлар, алардын бөлүктөрү, аларга болгон чарбалык курулуштар, дачалар, гараждар, батирлер, имараттар жана курулмалар ж.б.);

2) автотранспорт каражаттары, түрүнө карабастан чарба техникасы, суу, аба транспорту жана өзү жүрүүчү техниканын башка түрлөрү;

3) үлүштөр, чарбалык коомдордун жана шериктиктердин уставдык капиталындагы үлүштөр, баалуу кагаздар.

Ушул пункттун 1, 2, 3-пунктчаларында көрсөтүлгөн мүлктү сатуу үчүн менчиктештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары колдонулат.”.

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-мартындагы № 126 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратуу Тартибинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, ушул Тартиптин колдонулушу мамлекеттик менчик укугу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесине ылайык соттун айыптоо өкүмүнүн жана укук коргоо жана көзөмөлдөө органдарынын уюшкан кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ишинин натыйжалары боюнча аныкталган мүлктү конфискациялоо жөнүндө аткаруу документинин негизинде пайда болгон объекттерди ээликтен ажыратууга жайылтылат жана бул Тартиптин 3-пунктуна ылайык, ушул Тартипке ылайык ээликтен ажыратылууга тийиш болгон объекттер мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылат.

Ошондой эле, аталган Тартиптин 5 жана 11-пункттарына ылайык, объекттерди ээликтен ажыратуу төмөнкүдөй ыкмалар менен жүргүзүлөт, анын арасында, электрондук соода аянтчасында сатуу. Ал эми, электрондук соода аянтчасына төмөнкүлөр коюлат, анын арасында, транспорт каражаттары жана башка объекттер.

Ошону менен бирге, аталган Тартиптин 9-пунктуна ылайык, акы төлөп ээликтен ажыратуу максаты үчүн объекттердин рыноктук наркы көз карандысыз баалоочу (баалоочу уюм) тарабынан аныкталат. Баалоо жүргүзүүнүн заказчылары болуп мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же анын адистештирилген ведомстволук мамлекеттик ишканасы саналат.

Аталган Тартиптин 35-пунктуна ылайык, объекттерди сатуудан түшкөн каражаттар мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын казыналык системасындагы администрациялануучу эсебине которулат. Ал эми, Аталган Тартиптин 37-пунктуна ылайык, ушул Тартиптин 35-36-пункттарында көрсөтүлгөн мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын администрациялануучу эсебиндеги каражаттар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондуна жиберилет.

“Кыргызгеология” МИнин “Көмөкчү чарба” филиалынын начальниги К. Дуйшеналиевге “Хундай Солярис” маркасындагы автоунааны (03KG695ACS мамлекеттик номер) Н. Русланбеков деген жаранга 70,0 миң сомго сатууга уруксат берилгенге негиз болуп Маммүлктүн 2024-жылдын 25-сентябрындагы №1053-б буйругу саналат. Аталган буйрукта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген Мамлекеттин менчигинде турган транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуунун тартиби жана алардын наркын баалоонун методикасы жөнүндө Жобого шилтеме жасалган, б.а. бул Жобонун негизинде буйрук чыгарылган.

Ошол эле учурда, жогоруда аталган буйрукка ылайык, “Хундай Солярис” маркасындагы автоунаа “Көмөкчү чарба” филиалынын балансына алынбастан, сатылууга уруксат берилген. Ага далил катары жогоруда аталган буйрукта 03KG695ACS мамлекеттик номери көргөзүлүп жатат, б.а. бул мамлекеттик номер жеке жактыкы жана Баткен аймагы болуп саналат.

Жогоруда аталган Жобонун 5-пунктуна ылайык, транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатууну каалаган мамлекеттик юридикалык жактар транспорт каражаттарынын паспорттук-техникалык маалыматтары тиркелген жана сатуу зарылдыгын негиздеген арызды мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органга берет.

Бирок, “Көмөкчү чарба” филиалы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 90-беренесине ылайык, юридикалык жак болуп саналбайт.

Ошондой эле, жогоруда аталган Жобонун 17-пунктуна ылайык, транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуудан алынган каражаттар, эгерде мамлекеттик мүлк ага чарба жүргүзүү укугу менен берилсе, мамлекеттик юридикалык жактын тескөөсүндө калат.

Бирок, Маммүлктүн 2024-жылдын 8-февралындагы № 113-б буйругуна ылайык, “Хундай Солярис” маркасындагы автоунаа “Көмөкчү чарба” филиалына ыкчам башкарууга өткөрүлүп берилген. Ошого карабастан, сатуудан алынган каражаттар “Көмөкчү чарба” филиалдын тескөөсүндө калган.

“Хундай Солярис” маркасындагы автоунааны сатууда Маммүлктүн жана “Көмөкчү чарба” филиалынын жооптуу кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын одоно бузушту, алар: Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 153-беренесине ылайык, конфискацияланган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер

Республикалык бюджетке түшөт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун *(2025-жылдын 14-мартына чейин юридикалык күчү бар болгон)* 8-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-мартындагы № 126 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратуу Тартибинин 3, 5, 9, 11, 35, 37-пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген Мамлекеттин менчигинде турган транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуунун тартиби жана алардын наркын баалоонун методикасы жөнүндө Жобонун 5, 17-пункттарынын ченемдери.

Ошондой эле, Кадамжай райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн сот аткаруучусу У. Кеңеш уулу тарабынан "Хундай Солярис" маркасындагы автоунааны мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү процедурасын бузган, б.а. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун 8-пунктунун ченемин.

**5. Жер иштетүү боюнча.**

2025-жылдын 10-мартында "Көмөкчү чарба" филиалы менен "БаЗур" ЖЧК ортосунда биргелешкен иш жөнүндө келишим түзүлгөн. Ага ылайык, 1997-жылдын 26-декабрындагы №016396 жер участогун пайдалануу укугун берүүчү мамлекеттик актынын негизинде "Кыргызгеология" МИ тиешелүү болгон Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан жер участкасынан 25 га жерге өсүмдүк өстүрүү жаатында биргелешип иш алып баруу каралган. Ошол эле учурда, аталган Келишим боюнча "Көмөкчү чарба" филиалы бүтүндөй өндүрүш сезону үчүн 625,0 миң сом өлчөмүндөгү белгиленген төлөм алат.

Ошондой эле, 2025-жылдын 24-мартында "Көмөкчү чарба" филиалы менен "Агро Микс" дыйкан чарбасы ортосунда биргелешкен иш жөнүндө келишим түзүлгөн. Ага ылайык, "Кыргызгеология" МИ тиешелүү болгон Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан 104 га жер участкасына (анын ичинен 16 га сугат, 88 га кайрак жер) айыл-чарба жаатында биргелешип иш алып баруу каралган. Аталган Келишим боюнча киреше төмөндөгүдөй бөлүштүрүлөт: "Көмөкчү чарба" филиалы 30% алат, ал эми "Агро Микс" дыйкан чарбасы 70% алат. Ошону менен бирге, 2025-жылга карата "Көмөкчү чарба" филиалы бул келишим боюнча эч кандай киреше албады, анткени, "Агро Микс" дыйкан чарбасы жер иштетүүдөн пайда тапкан эмес.

Жогоруда аталган мамлекеттик актыга ылайык, Ысык-Ата райондук акимчилигинин 1997-жылдын 6-июнундагы №244 токтомунун негизинде Түндүк Кыргыз геолог экспедициясына туруктуу пайдаланууга 9,5 га, убактылуу пайдаланууга 104 га жер, анын ичинен 16 га сугат, 88 га кайрак жери берилген.

Бирок, аталган 104 га жер тилкеси талаш болуп, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин карамагында жана 2024-жылдын 13-ноябрындагы № 6 жана 7 келишимдерине ылайык, “Көмөкчү чарба” филиалы жыл сайын Кең-Булун айыл өкмөтүнө 16 га сугат жер үчүн 134,0 миң сом ижара акысын төлөйт, ал эми 88 га кайрак жер үчүн 137,1 миң сом ижара акысын төлөйт.

Мындан тышкары, аталган 104 га жерди өз убагында сугаруу үчүн “Көмөкчү чарба” филиалы 2 кудукту ишке киргизүүгө 1000,0 миң сом акча каражатын сарптаган. Көрсөтүлгөн акча каражат “Кыргызгеология” МИ тарабынан берилген жана азыркы учурга чейин аталган ишкананын дебитордук карызы болуп турат.

Ошону менен бирге, Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан Геологиялык базасынын документтештирүү үчүн чек араларын натуралай түрдө аныктоо менен топографиялык сүрөткө тартуу боюнча иштерге “Көмөкчү чарба” филиалы Ысык-Ата районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына 2025-жылдын 24-ноябрындагы №1162507042 Келишиминин негизинде 425 710 сом төлөгөн жана аталган топографиялык сүрөттөрдүн көчүрмөлөрү тиешелүү кат менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө жиберилген деп белгиленген. Бирок, “Кыргызгеология” МИ жана “Көмөкчү чарба” филиалы аталган каттын көчүрмөсүн аудитке бере албады.

Ошону менен бирге, “Көмөкчү чарба” филиалы иш кагаздарын жүргүзбөгөнү белгилүү болду, анткени аудитке кириш жана чыгыш журналдарын бере албады.

Ысык-Ата районунун Ивановка айылында “Көмөкчү чарба” филиалынын жылкыканасы менен тоокканасы бар. Бирок, алардын абалы оор жана аларды калыбына келтирүү үчүн бир канча акча каражат талап кылынат.

“Кыргызгеология” МИ Уставынын 47-пунктуна ылайык, Ишкана өз ишин мамлекеттик башкаруу органы менен макулдашылган иштин жылдык планынын же 3 жыл жана андан ашык узак мөөнөттүү иш планынын негизинде жүргүзөт. Бирок, Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан Геологиялык базасынын документтештирүү иштери “Кыргызгеология” МИ ишинин жылдык планында же 3 жыл жана андан ашык узак мөөнөттүү иш планында жок экенин белгилөө зарыл.

Ошону менен бирге, белгилеп кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому менен бекитилген Мамлекеттик ишканалар жөнүндө Жобого ылайык, мамлекеттик ишкана өзүнүн филиалынын иши үчүн толук жоопкерчилик тартат. Ошондой эле, “Кыргызгеология” МИ Уставына ылайык, Ишкананын директору өзүнө жүктөлгөн функциялык милдеттерди талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн, анын

арасында финансылык каражаттарын максаттуу пайдаланууга жеке жоопкерчилик тартат.

Жогоруда аталган биргелешкен иш жөнүндө келишимдер маңызы боюнча кошумча ижарага берүү келишимдери болуп саналат. Мындай ишмердүүлүк Кыргызгеология” МИ Уставында жана “Көмөкчү чарба” филиалынын Жобосунда көрсөтүлгөн максаттарына ылайык келбейт жана жоготууларга алып келет.

Мындан тышкары, Маммүлктүн 2025-жылдын 8-октябрындагы № 1597-б буйругуна ылайык, Балыкчы шаары, участок Ак-Чий дареги боюнча жайгашкан жалпы аянты 94,5 га жер тилкесине ыкчам башкаруу укугу “Көмөкчү чарба” филиалына бекитилген. Көрсөтүлгөн 94,5 га жер тилкеси 32 га сугат айдоо жана 62,5 га кайрак айдоо жерден турат. Аталган буйруктун преамбуласына ылайык, “Көмөкчү чарба” филиалынын 2025-жылдын 6-октябрындагы №01/10 катынын негизинде көрсөтүлгөн жер тилкеси берилген.

Бирок, “Көмөкчү чарба” филиалы Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан, ал жерде анын айыл-чарба жаатындагы техникалары, жылкыканасы жана тоокканасы бар, ошондой эле ижарага алган 104 га жери бар. Буга карабастан, алыс жерден жер бөлдүрүп алуусу жана аны иштетүү пайдага караганда зыянга алып келет. Ошону менен бирге, жогоруда белгилеп кеткендей, 2025-жылдын 24-мартында “Көмөкчү чарба” филиалы менен “Агро Микс” дыйкан чарбасы ортосунда биргелешкен иш жөнүндө келишим түзүлүп, натыйжада эч кандай пайда түшкөн эмес.

**Корутундулар:**

1. “Кыргызгеология” МИ тарабынан түзүлгөн “Көмөкчү чарба” филиалынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 90-беренесинин талаптарына толук шайкеш келбейт.
2. “Көмөкчү чарба” филиалы негизги ишкананын функцияларын аткарбастан, өз алдынча башка чарбалык иштерди жүргүзүп келет.
3. “Кыргызгеология” МИнин Уставында филиал түзүү укугу каралган эмес.
4. “Көмөкчү чарба” филиалынын ишмердүүлүгү кирешелүү эмес, чыгымдуу мүнөздө болгон. Филиалдын финансылык жана чарбалык тобокелдиктери жогору болуп, биоактивдерди багуу, инфраструктуранын жоктугу же начар абалы, жерди пайдалануу маселелеринин чечилбеши жана башка чыгымдар менен коштолгон.
5. “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан отчеттуулук талаптары аткарылган эмес жана ага карата көзөмөл жетишсиз болгон.
6. “Көмөкчү чарба” филиалы өзүнүн Жобосунда көрсөтүлгөн негизги милдеттердин бирин дагы толук аткарбаган, ошондой эле “Кыргызгеология” МИнин жетекчилиги тарабынан тиешелүү контрол жүргүзүлгөн эмес.
7. 2024-2025-жылдарга карата “Көмөкчү чарба” филиалынын бухгалтердик эсеби жана финансылык отчету боюнча каталар, дал келбестиктер жана бурмалоо менен түзүлгөн:

- 2024-жылга карата чыгымдардын эсепке алынбаганы, милдеттенмелердин кем көрсөтүлгөнү, мезгилдин чыгымдарынын туура эмес түзүлүшү, финансылык отчеттордо акча агымдарынын толук эмес чагылдырылышы белгиленди (жалпы 642,1 миң сомго);

- 2025-жылга карата бухгалтердик эсептеги чарба операциялары менен финансылык отчеттун көрсөткүчтөрүндө айырмалар түзүлгөн (жалпы 3 647,7 миң сомго). Мындай жагдай, бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн талаптары сакталбаган жана отчеттордун өз ара шайкештиги камсыз кылынбаган. Натыйжада, финансылык отчеттуулук ишенимдүү жана так эмес болгон;

- 2025-жылга карата бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө олуттуу кемчиликтерге жол берилип, чарбалык операциялардын туура эмес чагылдырылышы, кредитордук жана дебитордук карыздардын бурмаланышы (анын ичинде дебитордук жана кредитордук карыздын жогорулатышы), салык мыйзамдарынын талаптарынын сакталбашы жана тастыктоочу документтердин жетишсиздиги натыйжасында финансылык отчеттуулуктун ишенимдүүлүгүнө, тактыгына жана салыктык тобокелдиктерге терс таасир жаралган (жалпы 2 928,2 миң сомго). Жалпы 2 548,0 миң сомго сатылган мал (жаныбар) боюнча эсеп фактуралар жазылбай, салык мыйзамы сакталбай, болжол эсеп менен 356,7 миң сомго салыктардын чегерилбей калганы боюнча тобокелдиктер бар;

- Бухгалтердик баланс боюнча 127,8 миң сомго Филиалдын мурдагы жетекчиси К.И. Джаниевтин отчеттуу суммага алган акча каражат боюнча өз учурунда белгиленген бухгалтердик тартипке ылайык тиешелүү чара көрүлгөн эмес жана 2023-жылдан бери, бул дебитордук карыз калыбына келтирилген эмес;

- 15 бирдикте биоактивдерге кайра баалоо жүргүзүлгөн эмес, бухгалтердик эсепке алынган эмес. 2025-2026-жылдары жалпы 13 баш малга көбөйгөн мал боюнча каттоо жүргүзүлгөн эмес, баасы аныкталып, бухгалтердик эсепке алынган эмес;

- Бухгалтердик баланс жана жүгүртүү - калдык ведомосту боюнча: жалпы 2 205,5 миң сом суммасы минус белгиси менен ката менен, туура эмес эсепте көрсөтүлгөн (1 000,0 миң сомго алынган милдеттенме катары көрсөтүлүүчү эсеп жана 1 205,5 миң сомго ишкана менен анын филиалынын ортосунда аласа - бересе катары көрсөтүлүүчү тиешелүү эсеп);

- 873,6 миң сом суммасында Renault Duster маркасындагы автотранспорттун жетишпестиги аныкталган. Ошол эле учурда, инвентаризациянын жыйынтыгы менен бухгалтердик эсепте жетишпестик көрсөтүлбөй, жоопту кызмат адамына карыз катары алынган эмес. Аудиттин жыйынтыгы менен, 2026-жылдын апрель айында жеринде ордуна коюлганы аудит учурунда “Кыргызгеология” МИнин буйругу (2026-жылдын 14-майындагы №02-11/62) менен жүргүзүлгөн инвентаризация жүргүзүү комиссиясынын жыйынтыгы менен белгиленди;

- Маммүлк тарабынан берилген мамлекеттик мүлк 58 бирдикте малдар (жаныбарлар) жана 108 бирдикте автотранспорттор бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык кириштелген эмес, демек сатылган ТМЦ, же биоактив, негизги каражат боюнча түшкөн кирешелерди кириштөө тартиби дагы сакталган

эмес. Анын ичинен автотранспортторду өткөрүлүп алгандан кийин, 71 даана автотранспорт кара металл товар болуп кириштелип сатылган. Ошондой эле, өлгөн малдар (5 бирдикте) дагы кириштелген эмес жана бухгалтердик эсепти жүргүзүү талаптарына ылайык чыгыштоо болгон эмес.

8. 2025-жылдын 8-октябрындагы № 1597-п Маммүлктүн жер участогун оперативдүү башкаруу укугун камсыз кылуу жөнүндө буйругу менен, оперативдүү башкаруусуна өткөрүлүп берилген Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарындагы Ак-Чий участкасы дарегинде жайгашкан жалпы аянты 94,5 га жер тилкеси боюнча анын баасы аныкталып, филиалдын балансына коюу чарасы жүргүзүлгөн эмес.

9. Аудиттин алкагында “Кыргызгеология” МИнин директорунун буйругу менен (2026-жылдын 14-майындагы №02-11/62) “Көмөкчү чарба” филиалынын мүлкүнө толук инвентаризациялоо комиссиясы (“Кыргызгеология” МИнин директорунун орун басары – комиссиянын төрагасы жана ишкананын кызматкерлери – комиссиянын мүчөлөрү) түзүлүп, инвентаризация жүргүзүлдү. Анын жыйынтыгы менен, жалпы 508,2 миң сомго балансылык баа менен товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги жана 3 бирдикте товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкчасы аныкталган.

10. “Көмөкчү чарба” филиалынын биоактивдерине кайра баалоо жүргүзүлүп, рыноктук баасы аныкталып, бухгалтердик эсепке алынган эмес. 2 790,0 миң сомго сатылган биологиялык активдер бухгалтердик баланста олуттуу төмөн баада көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, 2025-жылы 22 баш биологиялык актив тиешелүү келишимдерсиз жеке адамга багууга берилген. Бул, биологиялык активдердин сакталышы жана пайдаланылышы тиешелүү укуктук жана финансылык документтер менен таризделген эмес, ошондой эле багууга берүүнүн укуктук негиздемеси жок болгон.

11. 2024-жылдын 22-июлунан 18-октябрына чейин 21 бодо малды багууга 300,0 миң сом өлчөмүндө каражат жергиликтүү тургунга айыл өкмөтү аркылуу төлөнгөн. Ошол эле учурда, башында акча каражаты башка жаранга которулуп, кийин кайра кайтарылып алынып, андан соң гана айыл өкмөтүнө төлөнгөн. Бул каражаттарды пайдаланууда туура эмес тартип колдонулганын көрсөтөт.

12. “Көмөкчү чарба” филиалы Баткен облусунан Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка айылына малдарды жеткирүүгө 161,0 миң сом жана аларды багууга 300,0 миң сом өлчөмүндө кошумча чыгым тарткан, ошондой эле жеткирүүдө жана кармоодо малдардын өлүмү болуп, мамлекеттик мүлктүн жоготуулары дагы түзүлгөн.

13. “Көмөкчү чарба” филиалына чарба жүргүзүү үчүн берилген мамлекеттик мүлк (жаныбарлар) жалпы 2 548,0 миң сом суммасына бааланган жана сатылган, бирок Филиалга кириштелбестен, баланска алынбастан сатылган.

14. 2024-жылдын 22-июлунан 18-октябрына чейин 21 баш бодо малды багууга 300,0 миң сом өлчөмүндө каражат Баткен районунун Кара-Бак айыл өкмөтүнүн жергиликтүү тургунуна бул айыл өкмөтү аркылуу филиал тарабынан 2025-жылдын 17-апрелинде төлөнгөн. Бирок, айыл өкмөтү менен жергиликтүү

тургундун ортосунда түзүлгөн келишимде мал багып берүү боюнча чыгымдын суммасы көрсөтүлгөн эмес. Мындан тышкары, Кара-Бак айыл өкмөтүнө 300,0 миң сом которулганга чейин филиал бул каражатты Карыбекова А. аттуу жаранга которуп берген. Филиалдын жетекчисинин түшүндүрмөсүнө ылайык, бул акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн жергиликтүү тургунга мал багып берүү чыгымын төлөп берүү үчүн Карыбекова А. аркылуу берилген. Бирок келишим айыл өкмөтү менен түзүлгөндүгүнө байланыштуу, филиал түздөн-түз айыл өкмөтү менен иш алып барышы керек болчу. Натыйжада, көрсөтүлгөн жаранга каражат которуу туура эмес болгондуктан, кийин бул каражат кайтарылып алынып, андан соң 2025-жылы Кара-Бак айыл өкмөтүнө которулган.

15. “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан 2024-жылдын 30-декабрындагы №6 жана №7 келишимдери менен 9 баш жылкы жана 17 баш кой-козу - 533,0 миң сомго, 18 баш бука - 1 210,0 миң сомго, жалпысынан 1 743,0 миң сомго жеке адамга сатылган. Келишимдер боюнча төлөө мөөнөтү 2025-жылдын май айларына чейин белгиленген жана бул суммада акча каражаты келип түшкөн.

“Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан 2025-жылдын 3-сентябрындагы № 5 келишими менен 14 баш торпок 805,0 миң сомго жеке адамга сатылган. Келишим боюнча төлөө мөөнөтү 2026-жылдын февраль айына чейин белгиленген жана бул суммада акча каражаты келип түшкөн.

Бул малдар Баткен облусунан ташылып келинген. Натыйжада, сатылган бул мамлекеттик мүлк “Көмөкчү чарба” филиалына кириштелбестен, балансына алынбастан сатылган жана малдар төлөө мөөнөтү чейин эле сатып алуучуга өткөрүлүп берилген.

16. Сот аткаруучулар тарабынан (Баткен, Лейлек райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн) конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарга алардын компетенциясына ылайык өткөрүлүп берилүүгө тийиш болчу. Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү боюнча белгиленген тартип бузулуп, “Көмөкчү чарба” филиалына негизсиз берилген жана кийин сатылган мамлекеттик мүлктүн 2 548,0 миң сом суммасы (1 743,0 миң сом жана 805,0 миң сом) республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш.

17. Филиал 19 баш кой жана козуну өткөрүп алып, 17 баш малын саткан, натыйжада 2 баш мал боюнча жетишпестик түзүлгөн.

18. Мамлекеттик мүлктү кабыл алуу-өткөрүп берүү процессине Маммүлктүн өкүлү катышкан эмес, анын ордуна филиалдын начальниги Маммүлктүн өкүлү катары ишеним кат менен көрсөтүлүп, кол тамгасы коюлган. Бул, конфискацияланган мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү тартибинин талаптары бузулган.

19. 2024-жылы “Көмөкчү чарба” филиалынын карамагына 109 даана автотранспорт каражаттары өткөрүлгөн, анын ичинен 107 даанасы балансchallenge кириштелбестен сатылган: 37 даанасы автоунаа катары, 70 даанасы кара металл катары, ал эми 1 даанасы балансta турат жана 1 даанасы жок болууда, бул боюнча сатылган, же балансta турат деген тастыктоочу документтер жок.

1 даана автотранспорт каражат баланста жок деп эсептелген бул “Мерседес-Бенц” маркасындагы автоунаа, шасси №65201 (57297).

20. Маммүлктүн 2024-жылдын 5-декабрындагы №410 катына ылайык, 71 даана автотранспорт каражаттары боюнча “Кыргызметаллпром” МИге кайрылып, кара металл катарында сатуу сунушталган. “Көмөкчү чарба” филиалы, жалпы наркы 667,0 миң сомго бааланган 24 даана автотранспорт каражаттарды башка 47 даана автотранспорт каражаттарга кошуп, бардыгы болуп 71 даана автотранспорт каражаттарын 615,3 миң сомго кара металл катарында “Кыргызметаллпром” МИге саткан. 71 даана автотранспорт каражаттар мыйзамдарды бузуу жолу менен сатылгандыктан, 615,3 миң сом республикалык бюджетке кайтарууга жатат.

21. Маммүлктүн 2024-жылдын 4-сентябрындагы №09/1/4160 жана 2025-жылдын 18-февралындагы №455 каттарына ылайык, 63 даана автотранспорт каражаттарынын наркы бааланган жана автотранспорт каражаттардын чыгарылган жылдары өтө эски болбосо дагы, наркы өтө төмөн бааланган. Ошону менен бирге, наркын баалоо боюнча комиссиясынын протоколдору жок экенин белгилөө зарыл.

22. Маммүлк жана “Кыргызгеология” МИ тарабынан тиешелүү талдоо жүргүзүлбөстөн, бир канча автотранспорт каражаттарын “Көмөкчү чарба” филиалынын тескемесине өткөрүп берилген. Ошондой эле, Маммүлк жана “Кыргызгеология” МИ тарабынан тиешелүү контролдор болгон эмес.

23. “Көмөкчү чарба” филиалы 37 даана автотранспорт каражаттарын сатууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 19-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген Мамлекеттин менчигинде турган транспорт каражаттарын (номердик агрегаттарды) сатуунун тартиби жана алардын наркын баалоонун методикасы жөнүндө Жобонун талаптары сакталбаган. Жалпысынан, 37 даана автотранспорт каражаттары боюнча 3 611,0 миң сом суммасы республикалык бюджетке кайтарууга жатат.

24. “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан 37 даана автотранспорт каражаттарын сатуу боюнча Маммүлк тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын одоно бузууларына байланыштуу, Маммүлк алган 252,8 миң сом суммасындагы үстөк комиссиялык жыйымдар республикалык бюджетке кайтарууга жатат.

25. 86 даана автотранспорт каражаттарын “Кыргызгеология” МИ Маммүлктүн тиешелүү чечимдери жок “Көмөкчү чарба” филиалынын тескемесине өткөрүп берген жана аларды сатууга уруксат берген.

26. “Хундай Солярис” маркасындагы автоунааны сатууда Маммүлктүн жана “Көмөкчү чарба” филиалынын жооптуу кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары одоно бузулган.

27. Кадамжай райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн сот аткаруучусу тарабынан “Хундай Солярис” маркасындагы автоунааны мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү процедурасын тийиштүү тартипте жүргүзүлгөн эмес.

28. “Көмөкчү чарба” филиалынын штаттык саны 4 киши болгонуна карабастан, анын начальниги Маммүлккө бир нече жолу кайрылып, кызматтык зарылчылык жана филиалдын негизги тапшырмаларын аткаруу деген жүйө менен, Филиалга көп сандагы автотранспорт каражаттарын жана башка мамлекеттик мүлктү берүү тууралуу каттарды жөнөткөн. 2024-жылы жалпысынан 109 даана автотранспорт каражаттары филиалга өткөрүлүп берилген, же аларды сатууга уруксат берилген. Мындан тышкары, Маммүлктүн буйруктары туура эмес таризделген. Ошол эле учурда, Маммүлк жана “Кыргызгеология” МИ тарабынан тийиштүү талдоо жана контроль жүргүзүлгөн эмес.

29. Автотранспорт каражаттарын “Кыргызгеология” МИге, же “Көмөкчү чарба” филиалына өткөрүп берүүдө Маммүлк тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген Жобонун талаптары сакталган эмес.

30. 2025-жылдын 10-мартында “Көмөкчү чарба” филиалы менен “БаЗур” ЖЧК ортосунда айыл-чарба жаатында биргелешкен иш жөнүндө келишим түзүлгөн жана 2025-жылдын 24-мартында “Көмөкчү чарба” филиалы менен “Агро Микс” дыйкан чарбасы ортосунда айыл-чарба жаатында биргелешкен иш жөнүндө келишим түзүлгөн. Бирок, аталган келишимдер маңызы боюнча кошумча ижарага берүү келишим болуп саналат.

31. “Кыргызгеология” МИге убактылуу берилген 104 га жер тилкеси талаш болуп, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин карамагында. 2024-жылдын 13-ноябрындагы № 6 жана 7 келишимдерине ылайык, “Көмөкчү чарба” филиалы жыл сайын Кең-Булун айыл өкмөтүнө 16 га сугат жер үчүн 134,0 миң сом ижара акысын төлөйт, ал эми 88 га кайрак жер үчүн 137,1 миң сом ижара акысын төлөйт. Жалпысынан, “Көмөкчү чарба” филиалы тарабынан жыл сайын 271,1 миң сом акча каражатты рационалдуу эмес колдоого алып келет.

32. Убактылуу берилген 104 га жерди өз убагында сугаруу үчүн “Көмөкчү чарба” филиалы 2 кудукту ишке киргизүү үчүн 1000,0 миң сом акча каражатын сарптаган. Бул акча каражаттар рационалдуу эмес колдоого алып келди.

33. “Көмөкчү чарба” филиалынын жылкыканасы менен тоокканасын калыбына келтирүү үчүн бир канча акча каражат талап кылынгандыктан, аларга кетчү чыгымдарды эсептеп, андан ары иштетүү боюнча иштерди жүргүзүү керек, же тиешелүү айыл өкмөтүнүн менчигине өткөрүп берүү боюнча Маммүлк менен биргеликте иштерди жүргүзүү зарыл.

34. Көмөкчү чарба” филиалы Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан геологиялык базасынын чек араларын натуралай түрдө аныктоо менен топографиялык сүрөткө тартуу боюнча иштерге “Көмөкчү чарба” филиалы Ысык-Ата районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына 2025-жылдын 24-ноябрындагы №1162507042 Келишиминин негизинде 425 710 сом төлөгөн. Бирок, андан кийин кандайдыр бир иш-аракеттер болгон эмес.

**Сунуштамалар:**

*“Кыргызгеология” МИге:*

1. “Көмөкчү чарба” филиалынын 2024-2025-жылдарга карата жүргүзүлгөн аудитинин отчетунда көрсөтүлгөн финансылык жана башка бузууларга, кемчиликтерге жана мамлекеттик мүлктүн пайдаланылышына байланыштуу бузууларга жол берген “Көмөкчү чарба” филиалынын жетекчисинин, “Кыргызгеология” МИнин жана башка тиешелүү жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, ошондой эле бул бузууларды жана кемчиликтерди жоюу жана аларга жол бербөө боюнча тиешелүү чаралар кабыл алынып, иш жүргүзүлсүн.

2. “Көмөкчү чарба” филиалынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 90-беренесинин талаптарына толук шайкеш келбегендиги боюнча чарбанын функциясын аткаруу боюнча “Кыргызгеология” МИнин түзүмдүк бөлүмүн түзүү, же тиешелүү түзүмдүк бөлүмгө өткөрүү маселеси каралсын.

3. Аудит камтыган мезгил аралыгына карата “Көмөкчү чарба” филиалынын бухгалтердик эсеби, финансылык отчеттору такталып, аныкталган бардык каталар жана дал келбестиктер жоюлсун, дебитордук жана кредитордук карыздар жана башка чарбалык операциялары бухгалтердик эсептин белгиленген тартибине, финансылык отчеттуулуктун стандарттарына ылайык тийиштүү чагылдыруу жүргүзүлсүн:

*3.1.* Бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттордо түзүлгөн айырма боюнча (2024-жылга карата – жалпы 642,1 миң сомго, 2025-жылга карата - жалпы 3 502,3 миң сомго) деталдуу тактоо жүргүзүлүп, тиешелүү оңдоочу бухгалтердик жазууларды киргизүү боюнча.

*3.2.* 2025-жылга карата бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө олуттуу кемчиликтерге жол берилип, чарбалык операциялардын туура эмес чагылдырылышы, кредитордук жана дебитордук карыздардын бурмаланышы (анын ичинде дебитордук жана кредитордук карыздын жогорулатылышы), жалпы 2 928,2 миң сомго деталдуу тактоо жүргүзүлүп, тиешелүү оңдоочу бухгалтердик жазууларды киргизүү боюнча.

*3.3.* 161,0 миң сом суммасына биоактивдерди жеткирүү боюнча транспорт кызмат көрсөтүүгө жүргүзүлгөн чыгымдары боюнча тастыктаган документтердин жоктугу боюнча тиешелүү чара көрүү боюнча.

*3.4.* Жалпы 2 548,0 миң сомго сатылган мал (жаныбар) боюнча эсеп фактуралар жазылбай, салык мыйзамынын сакталбашы боюнча (эсеп менен 356,7 миң сомго) тиешелүү чара көрүү боюнча.

*3.5.* 15 бирдикте биоактивдерге кайра баалоо жүргүзүлүп, бухгалтердик эсепке кириштелсин. 2025-2026-жылдары жалпы 13 баш малга көбөйгөн биоактив боюнча каттоо жүргүзүлүп, баасы аныкталып, бухгалтердик эсепке кириштөө боюнча.

*3.6.* Бухгалтердик баланс жана жүгүртүү - калдык ведомосту боюнча: жалпы 2 205,5 миң сом суммасындагы активдер боюнча (1 000,0 миң сомго берилген кредит жана 1 205,5 миң сомго узак мөөнөттүү инвестиция эсептери) тиешелүү оңдоочу бухгалтердик жазууларды киргизүү боюнча.

4. Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги жогорулатылып, бухгалтердик эсеп стандарттарын сактоо боюнча кошумча окутуу уюштурулсун. Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган бузууларга жана кемчиликтерге жол бербөө үчүн тиешелүү отчетторду түзүү процессине ички аудиттин туруктуу көзөмөлү киргизилсин.

5. Биоактивдерди багуу боюнча тиешелүү келишимдер түзүлбөй берилгени боюнча чара көрүлсүн жана алардын сакталышы менен пайдаланылышына контрол күчөтүлсүн.

6. Филиалдын мурдагы жетекчиси К.И. Джаниевтин отчеттуу суммага алган акча каражатын (127,8 миң сомго) өндүрүү боюнча тиешелүү чара көрүлсүн.

7. Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү жана пайдалануу боюнча мыйзамсыз жүргүзүлгөн операциялардын натыйжасында 2 548,0 миң сом суммасындагы каражат республикалык бюджетке кайтарылсын.

8. 2 баш малдын (конфискацияланган мамлекеттик мүлк) жетишпестигинин суммасы калыбына келтирилип, республикалык бюджетке кайтарылсын.

9. Маммүлктүн 2023-жылдын 29-сентябрындагы №509-б буйругунда көрсөтүлгөн “Мерседес-Бенц” автоунаасы, шасси №65201 (57297) жетишпестигинин суммасы калыбына келтирилип, республикалык бюджетке кайтарылсын.

10. Мыйзамдарды бузуу жолу менен сатылган 70 даана автотранспорт каражаттары боюнча 615,3 миң сом суммасы республикалык бюджетке кайтарылсын.

11. 37 даана автотранспорт каражаттарын сатуу боюнча мыйзамсыз жүргүзүлгөн операциялардын натыйжасында 3 611,0 миң суммасындагы каражат республикалык бюджетке кайтарылсын.

12. “Кыргызгеология” МИге убактылуу берилген 104 га жер тилкеси талаш жана азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин карамагында болгондугуна байланыштуу, 2024-жылдын 13-ноябрындагы № 6 жана 7 келишимдерине ылайык, “Көмөкчү чарба” филиалы жыл сайын Кең-Булун айыл өкмөтүнө 16 га сугат жер жана 88 га кайрак жер үчүн ижара акы төлөп, акча каражаттын рационалдуу эмес пайдаланышына, филиалдын ишмердүүлүгү “Кыргызгеология” МИ Уставында жана “Көмөкчү чарба” филиалынын Жобосунда көрсөтүлгөн максаттарына ылайык келбегенине жана жоготууларына алып келгенине, ошондой эле жер тилкелери биргелешип иштетүү келишими маңызы боюнча кошумча ижара болуп эсептелгенине байланыштуу, 104 га жер тилкеси боюнча ижара келишимин бузуу боюнча маселеси каралсын.

13. “Көмөкчү чарба” филиалынын жылкыканасын менен тоокканасын калыбына келтирүү үчүн бир канча акча каражат талап кылынгандыктан, аларга кетчү чыгымдарды эсептеп, андан ары иштетүү боюнча иштер жүргүзүлсүн, же

тиешелүү айыл өкмөтүнүн менчигине өткөрүп берүү боюнча Маммүлк менен биргеликте иштер жүргүзүлсүн.

14. Ысык-Ата районунун Ивановка айылында жайгашкан Геологиялык базасын документтештирүү иштери жүргүзүлсүн.

15. *КР Министрлер Кабинетине:* Маммүлктүн чечимдерине мониторинг жүргүзүлүп, тиешелүү чаралар көрүлсүн.

16. *Маммүлккө:*

*16.1.* Маммүлктүн 2024-жылдын 25-сентябрындагы №1053-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө”, 2025-жылдын 24-февралындагы №209-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 7-мартындагы №270-б “Автотранспорт каражаттарын сатып алуу-сатуу келишимдерин бекитүү жөнүндө” буйруктарынын негизинде сатылган 37 даана автотранспорт каражаттарынан 252,8 миң сом суммасындагы үстөк комиссиялык жыйымдар республикалык бюджетке кайтарылсын;

*16.2.* Буйруктарды чыгарууда олуттуу бузууларга жол бергендиктен Маммүлктүн тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын. Буйруктарды чыгаруу алдында, ар бир чечим боюнча анализ жүргүзүлсүн;

*16.3.* Буйруктарды туура тариздөө боюнча окутуулар уюштурулсун.

17. *Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына караштуу Сот аткаруучулар кызматына:* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө Жобонун 7, 8, 16-пункттарынын ченемин бузгандыгы үчүн Кадамжай, Баткен, Лейлек райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн сот аткаруучуларынын жоопкерчиликтери каралсын.

18. Маммүлктүн, “Кыргызгеология” МИнин жана “Көмөкчү чарба” филиалынын жооптуу кызмат адамдары тарабынан мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү, эсепке алуу жана сатуу боюнча жүргүзүлгөн иштерге укуктук баа берилсин.

## “Жаратылышты өнүктүрүү фонду” коомдук фонду боюнча

**Аныкталды/корутунду:**

01.01.2024-жылга баланс боюнча 1590 “Башка дебитордук карыз” эсебиндеги (грант алуучулар) дебитордук карыз 932 872,6 миң сомду түзгөн.

31.12.2024-жылга карата, грант алуучулар боюнча 1590 “Башка дебитордук карыз” эсебинде дебитордук карыз 210 634,5 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, анын ичинде укук коргоо жана сот органдарына кайрылуу менен (31.12.2024-жылга карата 210 634,5 миң сомду түзгөн) грант алуучулардын дебитордук карызын өндүрүү боюнча натыйжалуу чаралар көрүлсүн.

## “ОЗОН борбору” мекемеси боюнча

**Аныкталды/корутунду 1:**

“Озон борбору” мекемеси озон катмарын бузуучу заттар жөнүндө Монреал протоколу боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткаруунун жана Кыргыз Республикасында озонду бузуучу заттарды пайдаланууну токтотуу боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында өз ишин жүзөгө ашыруучу мекеме болуп саналат жана Уставды, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, колдонуудагы мыйзамдарды жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы башка ченемдик актыларды жетекчиликке алат.

“Озон борбору” мекемесинин иши Бириккен Улуттар Уюмунун программасы ЮНЕПтин (ЮНЕП) Эл аралык экологиялык фонду тарабынан каржыланат. Борбордун эсептешүү эсеби жана банктардагы башка эсептер, анын ичинде валюталык эсеби бар.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому менен, “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө” жобо жана Министрликтин башкаруу схемасы бекитилген. Ошондой эле, “Озон борбору” мекемеси Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу “Озон борбору” мекемеси болуп бекитилген.

Аталган токтомго ылайык, Министрликке ушул токтомдон келип чыгуучу чечимдердин долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизүү жана ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрүү тапшырылган.

Бирок, “Озон борбору” мекемеси боюнча жогорудагы токтом менен аныкталган тиешелүү иш - чаралар Министрлик тарабынан жүргүзүлгөн эмес.

Мындан тышкары, “Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө” жобонун 15-пунктуна ылайык, *министр*:

- *Министрликтин кызматкерлеринин белгиленген чектүү санынын чегинде Министрликтин борбордук аппаратынын, региондук органдарынын, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана мамлекеттик ишканаларынын, мекемелеринин жана фонддорунун штаттык ырааттамасын бекитет;*

- *түзүмдүк бөлүмдөр жана Министрликтин системасынын органдары жөнүндө жоболорду бекитет (жоболору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен ведомстволук бөлүмдөрдөн тышкары)* деп белгиленген, бирок, министр тарабынан “Озон борбору” мекемеси боюнча жобо, штаттык ырааттама жана башка маселелер каралып бекитилген эмес.

Тактап айтканда:

ЮНЕП Институционалдык чыңдоо долбоору, 11 - фаза боюнча “Озон борборунун” штаттык ырааттамасы жетекчи М.К. Аманалиев тарабынан 10.01.2023-жылдагы №2 буйрук менен бекитилген. Штаттык жүгүртмө 6 бирдик санында: - жетекчи – 1 бирдик; -маалымат-коммуникациялык маселелер боюнча

жетекчинин ассистенти – 1 бирдик; - ОРВ/ГФну керектөө маселелеринин маалыматтарына мониторинг жүргүзүү боюнча ассистент – 1 бирдик; - укук маселелери боюнча ассистент – 1 бирдик; - техникалык маселелер боюнча консультант – 1 бирдик; - финансылык менеджер – 1 бирдик. Өз учурунда министр тарабынан макулдашылган эмес жана ал менен бекитилген эмес.

Буга байланыштуу, 2024-жылы “Озон борборунда” ЮНЕП (Кыргызстандын Улуттук Озон борбору менен курчап турган чөйрө боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун программасы (ЮНЕП) Институционалдык чыңдоо долбоору, 11-фаза боюнча штаттык ырааттама министр тарабынан бекитилбестен, жалпы 5 126,0 миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн (социалдык фондго төгүмдөр - 558,0 миң сом).

Ошондой эле, министр тарабынан штаттык ырааттама макулдашылбастан жана бекитилбестен, “ГЭФ 9421 Борбордук Азиядагы ДДТ таштандыларын термикалык эмес иштеп чыгууну демонстрациялоо” долбоору боюнча штаттык ырааттама “Озон борборунун” жетекчиси тарабынан 01.08.2022-жылы 5 бирдикте (2024-жылы 4 бирдикте) жана “Борбордук Азияда (Кыргыз Республикасында) курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүүнү колдоого маалымдамаларды жана маалыматтарды чогултууну жана пайдаланууну жакшыртуу үчүн, потенциалды жана өнүктүрүү жана технологияларды өткөрүп берүү” долбоору боюнча штаттык ырааттама 12 бирдикте (2024-жылы 2 бирдикте) бекитилген.

2024-жылы министр тарабынан штаттык ырааттама макудашылбастан жана бекитилбестен, “Борбордук Азиядагы ДДТ таштандыларын термикалык эмес иштеп чыгууну демонстрациялоо” долбоору боюнча негизсиз төлөнгөн эмгек акы 3518,4 миң сомду түзгөн (социалдык фондго төгүмдөр - 358,6 миң сом) жана “Борбордук Азияда (Кыргыз Республикасында) курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүүнү колдоого маалымдамаларды жана маалыматтарды чогулутууну жана пайдаланууну жакшыртуу үчүн, потенциалды жана өнүктүрүү жана технологияларды берүү” долбоору боюнча негизсиз төлөнгөн эмгек акы 2022,6 миң сомду түзгөн (социалдык фондго төгүмдөр - 215,1 миң сом).

✓ 2024-жылы министр тарабынан штаттык ырааттама макудашылбастан жана бекитилбестен, долбоорлор боюнча негизсиз эмгек акы төлөө, жалпы 10 667,0 миң сомду түзгөн (Социалдык фондго төгүмдөр - 1131,7 миң сом).

“Озон борборунун” жетекчиси М.К. Аманалиев жана бухгалтери А.К. Токтосунова 2024-жылы бир эле убакта 3 долбоор боюнча эмгек акы алышкан. Алсак, 2024-жылы жетекчи 5044,8 миң сомго эмгек акы алган, анын ичинен: ЮНЕП институционалдык чыңдоо долбоору, 11-фаза боюнча - 1885,3 миң сомго, “Борбордук Азиядагы ДДТ таштандыларын термикалык эмес иштеп чыгууну көрсөтүү” долбоору боюнча - 1560,7 миң сомго, “Борбордук Азияда (Кыргыз Республикасында) курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүүнү колдоого маалымдамаларды жана маалыматтарды чогулутууну жана пайдаланууну жакшыртуу үчүн, потенциалды жана өнүктүрүү жана технологияларды берүү” долбоору боюнча - 1598,7 миң сомго.

2024-жылы бухгалтер 1866,9 миң сомго эмгек акы алган, анын ичинен: ЮНЕП институционалдык чыңдоо долбоору, 11-фаза боюнча - 818,7 миң сомго, “Борбордук Азиядагы ДДТ таштандыларын термикалык эмес иштеп чыгууну көрсөтүү” долбоору боюнча - 624,3 миң сомго, “Борбордук Азияда (Кыргыз Республикасында) курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүүнү колдоого маалымдамаларды жана маалыматтарды чогултууну жана пайдаланууну жакшыртуу үчүн, потенциалды жана өнүктүрүү жана технологияларды берүү” долбоору боюнча - 423,9 миң сомго.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесине ылайык (*аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү болгон*):

*1. Иш берүүчү кызматкердин ошол иш берүүчүдө иш жүзүндө иштеген жумуш убактысын эсепке алууну уюштурууга милдеттүү.*

*2. Ишке келүүнүн жана кетүүнүн эсеби статистика жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилүүчү белгиленген формадагы жумуш убактысын пайдалануунун табелдеринде, жылдык табелдик карточкаларда жана башка документтерде жүргүзүлөт.*

Ошондой эле, 14-беренесине ылайык*, иш берүүчү менен кызматкерлердин ортосундагы эмгек мамилеси түзүлгөн келишимдердин негизинде пайда болот.*

Бирок, “Озон борборунда” кызматкерлердин жумуш убактысын эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, кызматкерлер менен эмгек келишимдери түзүлгөн эмес. Ошондой эле, кызматкерлерге карата ишке кабыл алуу тартибинин квалификациялык талаптары болгон эмес.

Буга байланыштуу, 2024-жылы “Озон борборунда” эмгек келишимдери түзүлбөстөн, жумуш убактысы эсепке алынбастан, кызматкерлерге жогоруда көрсөтүлгөн 10 667,0 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөнгөн (социалдык фондго төгүмдөр - 1131,7 миң сом).

*Аудитке 2005-жылдарга карата ЮНЕП институционалдык чыңдоо долбоору - 2 макулдашуу (меморандум) гана берилди (кол тамгасы жок көчүрмөсү).*

*Аудиттин мезгилине тиешелүү меморандумдар жана ага ылайык башка тиешелүү документтер берилген жок. 2023-2024-жылдарга карата берилген макулдашууларда жогоруда аталган долбоорлор боюнча макулдашуулар Министрлик тарабынан, тактап айтканда, министр, же орун басарлары тарабынан эмес, директор тарабынан кол коюлган.*

**Аныкталды/корутунду 2:**

Кыргызстандын Улуттук Озон борбору менен курчап турган чөйрө боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун программасынын (ЮНЕП) ортосундагы долбоорду ишке ашырууда кызматташуу жөнүндө макулдашууларга ылайык, “Озон борбору” кызыкчылыктардын кагылышуусунан бүтүндөй персонал эркин болушун камсыздашы керек.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 68-беренесине ылайык (*аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү бар болгон*), бир же ошол эле мамлекеттик уюмдарда жакын туугандарга (ата-эне, жубайлар, ага-инилер, эже-сиңдилер, уул, кыз, ошондой эле жубайлардын, ага-инилери, эже-сиңдилери, ата-

энелери жана балдары) иштөөгө, эгерде алардын иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган учурларды кошпогондо, бири экинчисине түздөн-түз баш ийишине же контролдугуна байланыштуу болсо, чогуу иштөөгө тыюу салынат.

Бирок, "Озон борборунун" жетекчиси М.К. Аманалиев тарабынан ассистент болуп анын уулу Кыдыргычов Акылбек ишке алынган. Бул болсо, кызыкчылыктар кагылышы болуп эсептелет. 2024-жылы бул ассистентке 853,1 миң сом суммасындагы эмгек акы төлөнгөн (социалдык фондго төгүмдөр 104,8 миң сомду түзгөн).

**Аныкталды/корутунду 3:**

Институционалдык потенциалды чыңдоо. 11-этап долбоору боюнча макулдашууларда "Озон борборунун" кызматкерлерине эмгек акыдан сырткары төлөмдөр каралган эмес.

Бирок, эмгек өргүүсүнө чыгууда кызматкерлерге өргүү эмгек акы өлчөмүндө чегерилген. 2024-жылдын июлунда эмгек өргүүгө чыгууда, долбоор боюнча макулдашууларда каралбаган 171,6 миң сом суммасындагы кошумча каражаттар төлөнгөн, алсак, 2024-жылдын июлунда эмгек өргүүгө чыгууда, төмөндөгүлөргө акча каражаттары төлөнгөн: ассистентке - 62,1 миң сомго; консультантка – 47,5 миң сомго; ассистентке – 62,0 миң сомго. Ушундай эле, эмгек өргүүгө карата 2024-жылдын сентябрында бухгалтерге – 65,9 миң сомго, 2024-жылдын декабрында Борбордун жетекчисине – 143,7 миң сомго төлөнгөн.

**Аныкталды/корутунду 4:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 159-беренесине ылайык (*аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү болгон*), өргүүлөрдү төлөө жана пайдаланылбаган өргүүгө компенсация төлөө үчүн бир күндүк орточо эмгек акы эсептелген эмгек акынын суммасын 3кө жана 29,6га (календардык күндөрдүн орточо айлык саны) бөлүү жолу менен акыркы 3 календардык ай үчүн эсептелет.

Бирок, "Озон борборунда" жетекчи М.К. Аманалиевдин буйругу менен, кызматкерлерге бир айлык эмгек акы өлчөмүндө ашыкча эсептөө менен эмгек өргүү төлөмдөрү жүргүзүлгөн, 2024-жылга жалпы 22,6 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды/корутунду 5:**

Борбордун Уставынын 2.3-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча юридикалык жак болуп эсептелет жана өзүнүн ишин колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүргүзөт.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен курчап турган чөйрө боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун программасынын (ЮНЕП) ортосунда түзүлгөн Өз ара түшүнүшүү меморандумунун 3-тиркемесине ылайык, эгерде ушул долбоордук документте же Өкмөт менен ЮНЕП ортосундагы башка макулдашууларда башкалар көрсөтүлбөсө, Өкмөт тарабынан долбоорду башкаруу жана администрлөө, өлкөнүн тиешелүү эрежелерине жана жоболоруна ылайык жүргүзүлөт (мисалы, персоналды жалдоо шарттары, командировкаларды жана сатып алууларды жөнгө салган эрежелер жана жоболор).

Жогоруда жазылгандарга байланыштуу, “Озон борборунун” иши негизинен, командировкалык чыгымдарды ордуна коюу, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Тандалма текшерүүнүн жүрүшүндө, күндөн өзүн коргоо боюнча маалыматтык кампанияны өткөрүү үчүн, Борбордун ассистенти 2024-жылы 28-июндан 30-июнга чейин Чолпон-Ата шаарына болгон иш сапары жана Ысык-Көл областынын балдар лагерлеринде өзүн коргоо боюнча маалыматтык кампанияны өткөрүү үчүн, 15-июлдан – 24-июлга чейин Чолпон-Ата шаарына болгон иш сапары боюнча 29.07.2024-жылдагы №20 авансалык отчетто жашаган жери, транспорттук чыгымдар боюнча актоочу документтер тиркелген эмес. Эл аралык уюмдар үчүн ченемдер боюнча суткалык чыгымдар катары 108,1 миң сом төлөнгөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана аларды ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому менен белгиленген ченемдер боюнча командировкалык чыгымдар 9,9 миң сомду түзөт, ашыкча төлөө 98,2 миң сомду түзгөн.

Ушундай эле, Борбордун бухгалтери Ысык-Көл областынын балдар лагерлеринде маалыматтык кампанияны өткөрүү үчүн, 2024-жылы 15-июлдан 24-июлга Чолпон-Ата шаарына болгон иш сапары боюнча 29.07.2024-жылдагы №23 авансалык отчетунда жашаган жери, транспорттук чыгымдар боюнча актоочу документтер тиркелген эмес. Эл аралык уюмдар үчүн ченемдер боюнча суткалык чыгымдар катары 88,7 миң сом төлөнгөн.

Жогоруда аталган токтом менен белгиленген ченемдер боюнча командировкалык чыгымдар 7,3 миң сомду түзөт, ашыкча төлөө 81,4 миң сомду түзгөн.

Борбордун техникалык консультанты съезд өткөрүү үчүн, 2024-жылы 9-июндан 12-июнга чейин Чолпон-Ата шаарына болгон иш сапары боюнча 14.06.2024-жылдагы №16 авансалык отчетунда жашаган жери, транспорттук чыгымдар боюнча актоочу документтер тиркелген эмес. Эл аралык уюмдар үчүн ченемдер боюнча суткалык чыгымдар катары 29,5 миң сом төлөнгөн, ал эми белгиленген ченемдер боюнча командировкалык чыгымдар 3,4 миң сомду түзөт, ашыкча төлөө 26,1 миң сомду түзгөн. Ушундай эле, ассистент съезд өткөрүү үчүн, 2024-жылы 9-июндан 12-июнга чейин Чолпон-Ата шаарына болгон командировкасы боюнча 14.06.2024-жылдагы №14 авансалык отчетунда жашаган жери, транспорттук чыгымдар боюнча актоочу документтер тиркелген эмес. Эл аралык уюмдар үчүн ченемдер боюнча суткалык чыгымдар катары 29,5 миң сом төлөнгөн, ал эми белгиленген ченемдер боюнча командировкалык чыгымдар 3,4 миң сомду түзөт, ашыкча төлөө 26,1 миң сомду түзгөн.

Борбордун жетекчиси 25-ноябрдан 6-декабрга чейин Ош жана Жалал-Абад шаарларына болгон иш сапары боюнча 09.12.2024-жылдагы №9 авансалык отчетунда жашаган жери, транспорттук чыгымдар боюнча актоочу документтер тиркелген эмес. Эл аралык уюмдар үчүн ченемдер боюнча суткалык чыгымдар катары 79,6 миң сом төлөнгөн, ал эми белгиленген ченемдер боюнча

командировкалык чыгымдар 10,7 миң сомду түзгөн, ашыкча төлөө 68,9 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды/корутунду 6:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.06.2018-жылдагы № 281 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин 12-пунктуна ылайык, чыгымдар кассалык ордери боюнча акча каражаттарын берүү, ээсинин кол тамгасы жана сүрөтү бар инсандыгын тастыктаган документти көрсөтүү менен жүргүзүлөт. Аудит тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.06.2018-жылдагы № 281 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин 12-пункту сакталбастан, инсандыгын күбөлөндүргөн документи жок туруп, транспорттук кызмат көрсөтүүгө 27,5 миң сомдук каражат чыгымдалган.

**Аныкталды/корутунду 7:**

2024-жылы долбоорлордун акча каражаттары макулдашууда каралган максаттарга эмес, башка долбоорлорго зайым катары убактылуу берилгендиги аныкталды.

Алсак, калдык жүгүртүү ведомствосуна ылайык, 2024-жылы долбоорлор ортосунда акча каражаттарын бири бирине убактылуу зайымга берүү суммасы 6 453,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- “Институционалдык потенциалды чыңдоо” долбоору боюнча, 2-этап - 750,0 миң сом;
- “Борбордук Азияда (Кыргыз Республикасында) курчап турган чөйрөгө мониторинг жүргүзүүнү колдоого маалымдамаларды жана маалыматтарды чогулутууну жана пайдаланууну жакшыртуу үчүн, потенциалды жана өнүктүрүү жана технологияларды берүү” долбоору боюнча - 1336,0 миң сом;
- “ГЭФ 9421 Борбордук Азиядагы ДДТ таштандыларын термикалык эмес иштеп чыгууну көрсөтүү” долбоору боюнча - 3522,2 миң сом;
- “Кыргызстан, ишке ашыруунун Кигаль планы (КИП)” (KIP ЮНЕП) - 90,0 миң сом;
- “Энерго натыйжалуулугу чөйрөсүндө Кыргызстандагы кошумча иш чаралар” долбоору боюнча - 755,0 миң сом.

**Аныкталды/корутунду 8:**

Келишим түзүлбөстөн туруп, 28.03.2024-жылдагы №1255809302 төлөм тапшырмасы менен жеке ишкер В.Н. Богатовага брошюралар жана плакаттар үчүн 164,3 миң сом чегерилген, мында, басмакана продукцияларын эсептен чыгарылышы боюнча документтик тастыктоолор жок.

Ошондой эле, келишим түзүлбөстөн туруп, банктын көчүрмөсүнө ылайык, жеке ишкер В.Н. Богатовага брошюралар үчүн 182,0 миң сом чегерилген, мында дагы, кызмат көрсөтүү жана продукцияны эсептен чыгаруу жөнүндө тастыктоочу документтер жок.

25.07.2024-жылдагы №1269509209 төлөм тапшырмасы менен жеке ишкер В.Н. Богатовага жарыялоолорду басып чыгаруу үчүн 44,0 миң сом которулган,

мында дагы, кызмат көрсөтүү жана продукцияны эсептен чыгаруу жөнүндө тастыктоочу документтер жок.

**Аныкталды/корутунду 9:**

“Озон борборунун” Уставында, тиешелүү макулдашууларда жеке жана юридикалык жактарга убактылуу акча каражаттарын берүү каралган эмес.

Бирок, 22.11.2024-жылдагы №1283417025 төлөм тапшырмасы менен “Карибе-Юг” компаниясынын инженери А.Л. Огородниковго авиа билет үчүн 30,0 миң сом суммасындагы акча каражаты убактылуу карызга берилген. Ал “Озон борборунун” штаттык кызматкери, же долбоордун консультанты болгон эмес. Буга байланыштуу, 30,0 миң сом суммасындагы акча каражатын убактылуу карызга берүү, долбоордун каражаттарын максатсыз пайдалануу болуп эсептелет. 22.12.2024-жылдагы №С00000000005 кассалык кириш ордери менен А.Л. Огородников 30,0 миң сом суммасындагы карызды кайтарып берген.

**Аныкталды/корутунду 10:**

“Озон борборунун” берген маалыматтарына ылайык, Борбордо анда 35,0 миң сом суммасындагы акча каражаты бар № 6274 4718 3559 5975 дебеттик карта бар. Бул каражаттар долбоор аяктаган этаптан бери, 2007-жылдан тартып турат.

Кыргыз Республикасынын Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен курчап турган чөйрө боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун программасынын (ЮНЕП) ортосунда түзүлгөн Өз ара түшүнүшү меморандумунун 4-пунктуна ылайык, 2005-жылы Институционалдык потенциалды чыңдоо долбоорунун 2-этабын өткөрүүдө, ушул Меморандумдун алкагында ишти аяктагандыгы үчүн, Өкмөт тарабынан резервделбеген же чыгымдалбаган аванстык каражаттардын кайсы гана болбосун бөлүгү, чыгымдар жөнүндө отчет берилгенден кийин бир айдын ичинде ЮНЕПке кайтарылаары аныкталган. Мындай кайтарууларды кечиктиргендиги үчүн, Өкмөт алмаштыруу курстарынын кайсы гана болбосун жагымсыз өзгөрүүлөрү үчүн жоопкерчилик тартат. Ошондой эле, ЮНЕП менен түзүлгөн макулдашууларда долбоордун акча каражаттарынын калдыктары кайтарылууга тийиш.

Түзүлгөн Меморандумду жана макулдашууларды бузуу менен, “Озон борбору” тарабынан долбордун 2-этабы аяктаганда калган 35,0 миң сом суммасындагы акча каражаттары ЮНЕПке кайтарылган эмес.

*Аудиттин жүрүшүндө, долбоорду аяктагандан кийин № 6274 4718 3559 дебеттик каратада турган 35,0 миң сом суммасындагы акча каражаттары 28.10.2025-жылы “Озон борборунун” № 1180000012862814 алыш-бериш эсебине кайтарылды.*

**Аныкталды/корутунду 11:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталбастан, “Озон борборунда” сатып алууларды жүргүзүү боюнча милдеттенме бир дагы кызматкерге жүктөлгөн эмес, сатып алуулар боюнча сертификаты бар кызматкер жок, сатып алуулар боюнча комиссия түзүлбөйт. 2024-жылы сатып алуулар жол-жобосу өткөрүлбөстөн,

жалпы 7 591,9 миң сом суммасында товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүргүзүлгөн.

**Аныкталды/корутунду 12:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталбастан, бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн, климаттын өзгөрүшүнө хладагенттердин таасири жөнүндө видео роликтерди жасоо боюнча жеке ишкер Ж. Абдымамутов менен 05.04.2024-жылдагы №1 келишим 90,0 миң сомго жана 18,5 миң сом суммасындагы темир текчелерди даярдоо боюнча кызмат көрсөтүү боюнча жеке ишкер В. Гудубаев менен номери жок 12.02.2024-жылы келишим түзүлгөн. Тренингдин катышуучулары үчүн 53,8 миң сом суммасындагы тамак-ашты уюштуруу боюнча “ТЕЗ Сервис” ЖЧКсы менен номери жок 19.06.2024-жылы келишим түзүлгөн. Бардыгы болуп 162,3 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды/корутунду 13:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы сакталбастан, сатып алуулар жол-жобосу жүргүзүлбөстөн, аудитордук кызмат көрсөтүү боюнча 2500 АКШ доллары суммасында (02.06.2024-жылга карата курс 87,7 сом, 219,3 миң сом) жеке ишкер А. Увайдаев менен номери жок 02.06.2024-жылы келишим түзүлгөн жана Экологиялык менеджментти иштеп чыгуу боюнча “Кен-Тоо долбоорлоо-изилдөө борбору” мекеме менен 30,0 АКШ доллары суммасында (14.03.2024-жылга карата курс 89,48 сом, 2684,6 миң сом) келишим түзүлгөн.

**Аныкталды/корутунду 14:**

“Озон борборунда” тиркемелери менен, Башкы китеп түзүлгөн эмес, финансылык отчеттуулук тутумдаштырылган эмес. “Озон борборунда” финансылык отчеттуулук “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, бухгалтердик эсептин негизги милдеттери финансылык отчеттуулукту ушул Мыйзамдын жана ФОЭСтин, ЧОИ үчүн ФОЭСтин жана КС ФОЭСтин талаптарына ылайык түзүү боюнча талаптары сакталбастан жүргүзүлгөн. Ошондой эле, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 3–бөлүгү сакталбастан, төмөндөгүлөр камсыздалган эмес: - ФОЭСтин, ЧОИ үчүн ФОЭСтин жана КС ФОЭСтин талаптарына ылайык бухгалтердик эсепти жүргүзүү; - эсеп саясатын кабыл алуу жана анын ырааттуу аткарылышы; - ички контролдоо системасынын болушу жана иштеши.

**Аныкталды/корутунду 15:**

“Озон борбору” мекемеси Социалдык фондго төгүмдөр жана жеке киреше салыгы боюнча гана отчётторду ай сайын берет, ал эми транспортко салык, таштандыларга ж.б.у.с. боюнча башка салыктарды Салык кызматына берген эмес. 2024-жылга салык жана Социалдык фондго төгүмдөр боюнча Салык кызматы менен салыштыруу актылары жок. Ошондой эле, статистикалык органдарга белгиленген формадагы отчёттор берилбейт. Кыргыз

Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине финансылык отчёттор жөнөтүлгөн эмес.

Жогорудагы аудиттин аныктамалары боюнча "Озон борбору" мекемеси аудитке берген түшүндүрмөлөрү:

*- "Озон борбору" мекемеси Бириккен Улуттар Уюмунун программасы (ЮНЕП) Эл аралык экологиялык фонду тарабынан каржыланат;*

*- бухгалтердик баланс, башкы китеп жүргүзүлбөйт, бухгалтердик эсеп кассалык ыкма менен жүргүзүлөт;*

*- командировкалык чыгымдар эл аралык уюмдардын жана долбоорлордун кызматкерлери үчүн БУУнун ченемдери боюнча орду толтурулган;*

*- сатып алуулар боюнча буйрук менен кызматкерге милдет жүктөлгөн эмес, сатып алуу планы жок, сатып алуулар боюнча сертификатталган адистер жок;*

*- Соцфонд жана салык менен салыштыруу актысы жок;*

*- Министрликтен отчеттор талап кылынган эмес жана тапшырылган эмес;*

*- иш жүзүндө иштеген жумуш убактысын эсепке алуу жүргүзүлбөйт, анткени кызматкерлер ийкемдүү иш графиги боюнча жарым-жартылай иштешет. Туруктуу кызматкерлер менен эмгек келишимдери түзүлбөйт. Кызматкерлерди ишке кабыл алуунун тартиби жок, анткени борбор бюджеттик мамлекеттик мекеме эмес;*

*- долбоорлор ортосунда чыгымдар үчүн каражаттарды убактылуу алуунун себептери болуп кезектеги транштарды которуудагы кечигүүлөр саналат. Каражаттар келип түшкөндө карызга алынган суммалар эсепке кайра кайтарылат;*

*- "Карибе-Юг" компаниясы жаңы технологияларды активдүү өздөштүргөн жана муздаткыч жана климаттык жабдуулар боюнча техниктерди окутуу менен алектенет. Кыргызстандагы алдыңкы уюмдардын бири болуп саналат. Ал эми, 20 жылдан ашык убакыттан бери аны менен Борбор иштешет. Улуттук консультант ооруп калып, окууга катыша албаганына байланыштуу, "Карибе-Юг" компаниясынын инженери А.Л. Огородников Белград шаарына окууга катышуу үчүн авиа билетти Борбор сатып алган, кийинчерээк ал кайтарып берген;*

*- техниктерди муздатуу боюнча адабияттардын эсептен чыгаруу документтери өз убагында түзүлгөн эмес.*

**Сунуштамалар:**

1. **Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги** "Озон борбору" мекемеси менен биргеликте төмөнкүлөр боюнча иш чара жүргүзүлсүн:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна жана "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги жөнүндө" жобого ылайык, "Озон

борбору" мекемеси боюнча тиешелүү укуктук актылардын (жобо, штаттык ырааттама, ж.б.) иштелип чыгып, бекитилиши;

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык, мекеме кызматкерлери менен эмгек келишимдерин түзүү, түзүлгөн кызыкчылыктардын кагылышуу маселесин кароо, кызматкерлерди ишке кабыл алуу тартибинин квалификациялык талаптарын иштеп чыгуу жана кызматкерлердин жумуш убактысын эсепке алуу табелин уюштуруу жана жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана түзүлгөн тиешелүү макулдашууларга (долбоордук) ылайык, мекеменин каражаттарын казыналык эсеп аркылуу жүргүзүү маселеси тиешелүү мамлекеттик органдар менен кароо;

- эмгек акы төлөмдөрүн, иш сапар чыгымдарын, сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын ченемдери сакталбаганы боюнча тиешелүү чара көрүү, аларга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо;

- финансылык отчеттуулукту түзүүнү камсыздабаган мекеменин жетекчилигинин жоопкерчилигин кароо;

- долбоордун каражаттарынын туура эмес пайдаланышын болтурбоо максатында көзөмөлдү күчөтүү;

- 390,3 миң сомго каражаттардын тастыктоочу документтер жок эсептен чыгарылганы боюнча белгиленген тартипте тиешелүү чара көрүү;

- сатып алууларды "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык уюштуруу, жүргүзүү;

- бухгалтердик эсепти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүү, финансылык отчеттуулукту түзүүнү жана белгиленген тартипте тиешелүү жактарга берилишин камсыздоо.

2. *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги:* Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Озон борбору" мекемесинин ишмердүүлүгү катуу көзөмөлгө алынсын.

3. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Озон борбору" мекемесинде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы тууралуу маалымат белгиленген тартипте кароо үчүн укук коргоо органдарына жөнөтүлсүн.

**Аудиттин курамы**: башкы мамлекеттик инспектор Н.А. Алиев (аудит тобунун жетекчиси) жана мамлекеттик инспекторлор К.М. Калмаматов, К.М. Чекиров, Б.Д. Асылбеков, КР Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облысттары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспекторлору Б.И. Турдумамбетов, А.У. Исматиллаев, М.К. Маманов, КР Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспекторлору Б.Садыков, Н. Касымов.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитору Б.А. Рыскулиевдин жетекчилиги менен жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2026-жылдын 21-январындагы №09-1/50 буйругунун негизинде, аудиттин материалдарын Эсептөө палатасынын Кеңешинин кароосуна чыгаруу Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковго жүктөлгөн.

01.01.2024-жылдан 31.12.2025-жылга чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын “Көмөкчү чарба” филиалында жүргүзүлгөн шайкештик **аудиттин курамы:** КР Эсептөө палатасынын экономика тармактарына аудит жүргүзүү башкармалыгынын начальниги Исаков И.Э., аналитик Турдуева А.Т. жана аналитик (юрист) Курманалиев А.А. Жооптуу аудитор - Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору Байгазаков А.Т.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.Т. Байгазаков**